# АЛМАГА КАРОО

ДОК. МИРЗА АЙХАН ЫНАК

Hayrât Neşriyat

# АЛМАГА КАРОО

ДОК. МИРЗА АЙХАН ЫНАК

Басмага даярдаган
**Жусуп Ырмак**

Педагог:
**Псих. кең. Салим Көше**

Корректор:
**Акиф Атабей**
**Хусейин Курт**

Сүрөтчүсү:
**З. Офлаз**

Верстка:
**Ердем Көймен**

**QR кодду окутуп мазмунуга өтүп, китеп жөнүндө ойлоруңузду биз менен бөлүшсөңүз болот.**

**"Алдын ала ыракмат"**

## İÇİNDEKİLER

Жаңы нерселерди үйрөнүүдөгү толкундануу ........ 5
Ыйман кандай сонун ........ 7
Жаратуучубузду бизге тааныткан үч улуу таанытуучу ........ 15
Ыймандын даражалары барбы? ........ 21
Алманы карообу? Алмага карообу? ........ 29
Аппаккар ........ 36
Ааламга бир бүтүндүк катары кароо ........ 42
Университетке саякат ........ 48
Эрежелер – ошол эрежелерди жараткан Заттын бар экендигинин далили ........ 51
Ислам жана илим университети ........ 59
Ислам менен илимдин ортосунда бүтүндүк бар ........ 62
Акыл далилдерге таянуу менен иш кылат ........ 65
Куруучунун көрүнбөгөнү, курулган нерсенин кокустан пайда болгонун билдирбейт ........ 66
Дүйнөбүз бир керемет сарайдай! ........ 69
Жандыктардын купуя тили ........ 70
Абал тили жана кыймыл-аракетим менен сага маалыматтарды берип жатам, байкап жатасыңбы? ........ 72
Илим талап кылган нерсени сабатсыз бирөө жасай албайт 74
Сүрөтчүсүз сүрөт тартылбайт ........ 76
Сүрөт менен сүрөтчү бир түрдөгү заттардан эмес ........ 79
!лыраз үчтөрүс риб ад нүчү уутрат үткөлөпөК ........ 81
Баары бири-бири менен байланышкан! ........ 82
Жашоосу жок нерсе жашоо бере албайт! ........ 83
Бир ишке көп кол аралашса, ал иш чаташып калат ........ 84
"Сюрприз" баяндамачы ........ 87
Ар бир ыр аны чыгарган акын тууралуу айтып берет ........ 88
Периштелердин көрүнбөгөнү алардын жок экенин билдирбейт ........ 89
Адамзат пайгамбарларга муктаж ........ 92
Акырет жашоосу болот ........ 94
Экинчи жаратуу биринчисине караганда жеңилирээк ........ 95
Адамдар тандоолорун өз эрки менен жасайт ........ 97
Бардык нерсенин максаты бар болсо, адам кантип максатсыз болсун? ........ 99
Ишеним биздин эң чоң таянычыбыз, тирегибиз... ........ 102
Ишенимди кантип бекемдесем болот? ........ 107

بسم الله الرحمن الرحيم





## Жаңы нерселерди үйрөнүүдөгү толкундануу

Көңүлдөрдү толкуткан ошол кереметтүү жайкы каникул бүтүп, окуу мезгили башталды. Окуучулар кайрадан мектепке, жаңы нерселерди үйрөнөбүз деген чоң толкундануу менен келип жатышты. Мына ошондой толкундануу менен коштолгон сентябрь айы тез эле өтүп, айлананы алтын түскө чулгаган октябрдын алгачкы күндөрү кадам таштап кирип келди.

Мектеп бакчасындагы жаз жана жай мезгилинде окуучулар көлөкөсүндө чуруулдашып ойногон, көк асманды көздөй кучагын кеңири жайган зор чынардын жалбырактары үлп эткен желге үзүлүп түшүп жатты. Жайкысын канаттуулар уя салган чынардын чоң бутактары акырындап ачыкка чыгып, чоң дарактын кууураган жалбырактары айланып учуп жерге түшүп жатты. Бул Үскүдардын жанындагы Осмон дооруна таандык, 1898-жылы курулган тарыхый мектептин бакчасы болчу.

Бул мектеп билимге жана билим алчу жаштарга чоң маани берген Султан Абдулхамид хан тарабынан курулган. Ошол жылдары орто мектеп катары пландаштырылган бул имарат кесилген таштардан кынаптап курулуп, өзүнүн кенен аянты менен өзгөчөлөнүп турчу. Класстардын ички кенендигин камсыздоо үчүн дубалдарын бийик кылып, ал эми ичи жарык жана таза аба менен камсыз кылуу үчүн терезелерин атайын чоң кылышкан. Имараттын кире бериш эшиги да абдан чоң болушу менен өзүнчө бир көркөм-эстетикалык өзгөчөлүккө ээ болгон.

Мектептин маңдайында чоң китеп дүкөнү бар эле. Бул бир кабаттуу китеп дүкөнүндө кеңсе товарлары, журналдар жана китептер сатылчу. Алдында кооз газону бар, бак-дарактар өскөн бул дүкөн абдан чоң болчу. Ичиндеги столдордо китеп окуп жатып чай ичсе дагы болот эле. Бул жер сабактан кийин окуучуларга толуп чыгар эле. Окуучулар мектепке тиешелүү болгон муктаждыктарынын бир тобун ушул жерден камсыздап, окугусу келген китептерин ушул жерден таба алышчу. Китеп дүкөнүнүн ээси окууну жакшы көргөн, ардактуу эс алууга чыккан мугалим болчу. Жаштар ага Өмүр ага деп кайрылышчу. Дүкөнгө келгенде, аны көбүнчө столдун үстүндө жарашыктуу көз айнек тагып алып китеп окуп олтурган жеринен табышчу. Аны менен баарлашып, издеп жүргөн китептерин сурашчу. Өмүр ага да аларга кубануу менен жардам берчү.

Дүкөндүн дубалына чоң тамгалар менен “АЛЫП ОКУ, КАЙРА ТАПШЫР!” деп жазылган. Бул жерге биринчи жолу келген окуучулар бул жазууну көргөндө таң калышчу. “Кызык, бул эмнени билдирет болду экен?” деп ичтеринен өздөрүнө суроо салып, бирок кийин мунун маанисин билгенде сүйүнүп калышчу. Анткени алар аз акчага бул китептерден пайдалана алышмак. Башкача айтканда, өздөрүнө жаккан китебин сатып албастан, Өмүр агадан он беш күнгө ижарага алып окууга мүмкүн эле.

Өмүр ага ошол эле орто мектептин окуучусу Алихандын чоң атасы болчу. Алихан активдүү, ар дайым жылмайып жүргөн, тамашакөй, активдүү окуучу эле. Түшкү тамак учурунда Алихан достору менен китеп дүкөнүнө келип, кээде чоң атасына жардам берсе, көпчүлүк учурда андагы столдорго отуруп алып, чоң атасынын жагымдуу баянын угуп кетчү.

Айтмакчы, Өмүр аганын Аппаккар деген сүйкүмдүү мышыгын дагы унутпашыбыз керек. Ал дагы ушул дүкөндүн толук кандуу ээсиндей эле болуп калган. Китеп дүкөнүнө келгендер да көргүсү келип, көрө албаса көрүүгө кызыгып калышчу. Аппаккар көргөндүн дароо көзүнө түшкөн аппак








мышык эле, ошондуктан келгендердин баары аны жакшы көрчү. Ал өзүнүн жагымдуу мырылдаганы менен элди өзүнө тартып алчу.

Мектептеги дин маданияты жана этика сабагынын мугалими Жусуп агай да бул жерге тез-тез келип, Өмүр ага менен баарлашып турчу.

## Ыйман кандай сонун...

Дүйшөмбү күн эле. Дин маданияты жана этика сабагы башталган. Акыркы сабак болгондуктан, окуучулар бир аз чарчап калышкан эле, бирок бул сабак алардын сүйүктүү сабагы болчу. Бул сабактан берген Жусуп агай мектептеги окуучулардын эң сүйүктүү мугалимдеринин бири эле. Себеби ал окуучуларды баалай билчү. Окуучулар дагы агайынын ушул сапатын абдан жакшы көрчү. Жусуп агай дайыма алардын пикирин угуп, ар бир сөзүнө маани



берип, аларга суроо берсе да дароо жооп беришин талап кылбай, кошумча убакыт берип, ойлонуп жооп бергиле дечү. Ал тургай, атайын кошумча суроолорду берүү аркылуу туура жоопту табууга багыт берчү. Окуучулар менен дайыма активдүү байланышта болуп, сабак учурунда темаларды турмуштук мисалдар аркылуу түшүндүрчү. Сабактарда ааламдын жаратылышы, Аллах Тааланын табиятка каткан сырлары, жакшылыктары жана кереметтери тууралуу айтып берчү. Окуучулардын дагы оюн угуп, сабакты жандуу жана кызыктуу өткөрчү. Кээде окуучуларды бакчага алып чыгып, ачык асман алдында сабак өткөн күндөр да болчу.

Окуучулар дагы Жусуп агайды аябай жакшы көрүшчү, сабагынан калбай, кызыктырган суроолорун сурап, ал тургай, сабактын бүтпөй улана беришин каалашчу. Бирок Жусуп агай коңгуроо болгондон кийин жылмая: “Балдар, танаписке дагы чыгышыбыз керек. Силер да кийинки сабакка даярданышыңар керек” деп, сабагын аягына чыгарчу. Класстан чыгарда окуучуларга кайрылып: “Эсиңерде болсун, эмки сабакты бүгүнкү токтогон жерибизден улантабыз!” деп эскертип койчу.

Мына ошондой сабактардын бири эле. Сабактагы темабыз “Аллахка ыйман келтирүү” болчу.

Жусуп агай:

- Балдар, ыйман маселеси тууралуу сүйлөшүүдөн мурун бир аз адам тууралуу кеп козгогум келип турат. Силер дагы билесиңер, адам баласы көп тарабынан башка жандыктардан айырмаланып турат. Биз адам катары ойлонобуз, кызыгабыз, суроолорду сурайбыз. Айланабызда болуп жаткан нерселерди изилдейбиз, анализ кылабыз,





себептерин издейбиз. Мисалы, кичинекей данектен кантип чоң бактын өсүп чыкканы бактын өзүн дагы, анын үстүндө учуп-конуп жүргөн куштарды дагы кызыктырбайт. Бирок адам баласы бул суроонун үстүндө ой жүгүртүп, кызыгуу менен изилдеп чыгат.

Адам баласы бул дүйнөгө аны башка жандыктардан бир баскыч жогору кылып турган акыл, кызыгуу, таң калуу, сүйүү сыяктуу өзгөчөлүктөр менен төрөлөт. Адамга артыкчылык берген ошол өзгөчөлүктөр жана адамдын жаратылыш жагынан айбандардан айырмаланышы анын жерге абдан маанилүү максаттар үчүн жиберилгендигинин ачык айкын далили болуп саналат. Бул максаттардын эң чоңу – Аллахка болгон ишеним.

Келгиле, эми темабызга кайталы да, “ыйман деген эмне?” деген суроонун үстүндө сөз кылалы, - деп окуучуларын талкууга катышууларын өтүндү. Ыймандын аныктамасы боюнча алардын ойлорун сурады.

Насип:

- Ыйман деген – ишенүү, агай, - деди.

Жусуп агай “Азаматсың!” деп жооп берди.

- Чын жүрөктөн ишенүү, - деди Алихан кошумчалап.

- Азаматсыңар, жакшы кетип баратасыңар, балдар, - деп коштоду агай.

Эң көп китеп окуган окуучу кыз Айша:

- Агай, бир китептен “Ыйман деген Аллахка шек-күмөнсүз ишенүү” деп окугам, - деди.

Жусуп агай “Абдан жакшы” деди.

Кадыр кол көтөрүп:

- Агай, ыйман маселеси Адам атадан бери бар да, туурабы? – деп сурады.

- Ооба, Кадыр. Ыйман маселеси Адам атадан бери келаткан маселе. Биринчи адам болгон Азирети Адам, ошол эле учурда пайгамбар дагы болгон. Адамдар ыйманды пайгамбарлар аркылуу үйрөнүшөт. Пайгамбарлар эмне үчүн ыйман

келтиришибиз керектигин айткандай эле, ыймандын кандай болушу керектигин да үйрөтүшөт. “Инсан” сөзү эмнени билдирет? Бул дүйнөнүн мааниси эмнеде? Эмне үчүн биз бул дүйнөгө жөнөтүлгөнбүз? Бул жерде биздин милдетибиз эмне? Бул дүйнөдөн көз жумгандан кийин кайда барабыз?” деген сыяктуу көпчүлүктү кызыктырган суроолорго ынанымдуу жоопторду, пайгамбарлар аркылуу гана үйрөнүп биле алабыз.

Ошол учурда Райхан сөз алды да, мындай деп сурап калды:

- Агай, ыйман келтирүү кандай болот? Ичибизден гана ыйман келтирип коюу жетиштүү болобу?

Жусуп агай окуучуларынын сабакка болгон кызыгуусуна жана катышуусуна ыраазы болду:

– Абдан маанилүү нерсени сурадың, Райхан. Ыйман жүрөктө орун алат, бирок тил менен айтылат. Жүрөк – бул ишеним орноп, тамыр жайган руханий борбор. Тил болсо жүрөктөгү ыймандын абалын билдирүүчү каражат. Биздин ишенимибиз жашаган жүрөк рухий түзүлүшкө ээ. Достор, бул рухий жүрөктү ар бирибиздин көкүрөгүбүздө жайгашкан, денебизге насос сымал кан айлантып турган муштумдай болгон орган менен чаташтырбашыбыз керек.

Мына азыр, силер, ыймандын ар түрдүү жактарын жана өзгөчөлүктөрүн абдан сонун ачып бердиңер. Анда баарыңардын айткандарыңарды жалпылап коёюн: *“Ыйман – бул сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) Аллахтан элчи катары алып келгенин кабыл алуу жана чын жүрөктөн ишенүү”.* Адам ыйманын чын дилинен жүрөгү менен тастыктап, аны тили менен айтат.

Бардык пайгамбарлар Аллахтан алган буйругунун негизинде адамдарга Аллахтын бар экенине жана бир экенине ишенүүнү үйрөтүшкөн. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) да Раббибиздин бар экенин жана жалгыз экенин, шериги жана жардамчысы жок экенин үйрөткөн. Муну





биз таухид ишеними деп атайбыз. Ислам – таухид дини, башкача айтканда, бир кудайга ишенген дин.

Асан кол көтөрө:

- Агай, таухид деген эмне? Бир аз түшүндүрүп кетесизби? – деди.

- Таухид Аллахты жалгыз деп билүү дегенди билдирет. Башкача айтканда, Аллахтын жалгыздыгын кабыл алуу жана ага ишенүү. Таухид динибизде абдан маанилүү негиз болуп саналат. Исламды кабыл ала турган адам таухидди билдирген “Лаа илааха иллаллох, Мухаммадун Расулуллах” сөзүн чын жүрөктөн айтышы керек. Бул сөздүн биринчи жарымында Аллахтан башка кудай жок экенин, экинчи жарымында болсо Мухаммед (с.а.в.) Анын пайгамбары экенин билдиребиз. Бул сөздү талаптагыдай айтмайынча адам ыйман келтирген болуп саналбайт, - деп жооп берди агай.

Ошол учурда Ахмет:

- Агай, өткөн жумада ушул сиз айткан маселеге байланыштуу бир окуя башыман өттү. Ошону айтып берсем болобу? – деп калды.

- Албетте, болот, - деген жооп алгандан кийин Ахмет берилип окуясын айта баштады.

- Агай, дем алыш күндөрү үй-бүлөбүз менен Аясофия мечитине барган элек. Мен ошол керемет мечитте кызыктуу окуяга туш болдум. Фреди аттуу жаш немис турист ислам динин изилдеп чыгып, мусулман болууну чечкен экен. Алар Германиянын Гамбург шаарында кошуна болгон чет элдик тааныштары менен бирге Аясофия мечитинин имамына келишкен экен. Имам намаз окуган минбардын жанында калың элдин алдында ага күбөлүк келимесин айттырды. Ошентип, мен дагы анын Исламга карай алгачкы кадамына күбө болдум.

Алихан:

– Эх, мен да ошол жерде болсом, кандай жакшы болмок! Бул чынында эле кызыктуу, - деп тамшанып алды.

Жусуп агай:



- Ахмет, бир аз түшүндүрүп бере аласыңбы? Бул кандай болду?

- Макул агай. Алгач имам ал жаш жигитти куттуктады. Анын жанындагы мусулман достору жигит менен имамдын сөздөрүн өз ара которуп берип жатышты. Андан соң имам жигитке Исламдын артыкчылыктарын коордуктарын айтып, жигиттен эмне үчүн исламды тандап алганын сурады. Немис жигит жанындагы досторун көрсөтүп: "Эң чоң себеп – кошуналарым жана мектептеги мусулман досторум. Алардын адамды суктандырган жашоосу, үй-бүлөлүк түзүлүштөрү, адамгерчилиги, кошуналыгы, боорукердиги, адилеттүүлүгү мага абдан таасир берди. Анан алардын динин изилдей баштадым. Ислам динин, Азирети Мухаммеддин (с.а.в.) өмүрүн жана Куран китебин изилдей баштаганда, аны ушунчалык жакшы көрүп калдым, канчалык жакшы көргөн сайын, ошончолук кызыгуу менен изилдей баштадым. Дагы көбүрөөк билип, дагы тереңирээк түшүнөйүн деген ниет менен Түркияны көрүүгө келдим. Стамбулдагы мечиттер жана андагы беш маал айтылган азан үнү да мага абдан таасир берди жана бүгүн, Аллахка шүгүр, мусулман болуунy чечтим", - деди ал.

Ал жигиттин баянын уккандан кийин имам аны дагы бир жолу куттуктап, күбөлүк келимесинин маанилүүлүгүн айтып: "Биз менен бирге кайтала", - деди. Ал жерде окуяга күбө болуп турган биз дагы: "Ашхаду анлаа илааха иллаллох ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху" деп күбөлүк келимесин кайталадык. Бирок агай, ачыгын айтсам, ошол жерде туруп мен абдан таасирлендим. Анан





ал жердегилердин баары жаңы мусулман болгон жигитти кучактап куттукташты. Ошондо ал жаш туристтин көздөрүнөн кадимкидей жаш акты. Албетте, аны кубанычтын көз жашы дешти – деп сөзүн жыйынтыктады Ахмет.

- Чындыгында эле сен сезимдерди козгогон бир окуянын күбөсү болгон экенсиң. Аллахка чексиз шүгүр, дагы бир жаш бир тууганыбыз мусулман болуу сыймыгына ээ болгон экен. Кандай керемет! – деп сыймыктанып койду Жусуп агай.

Сабыр деген окуучу ордунан туруп:

- Агай, мусулман болуу сыймыгына ээ болду дегенди кандай түшүнсө болот? – деп сурады.

Жусуп агай Сабырдын суроосуна мындай деп жооп берди:

- Ооба, бул маанилүү бир суроо. Балдар, ыйман келтирүү менен Аллахка ишенүү, Аны кабыл алуу баарыбыздын биринчи милдетибиз. Анткени, бул дүйнөгө жиберилишибиздин эң негизги максаты мына ушул болот. Аллах Таала ааламды Өзүн бизге таанытуу, кабардар кылуу жана сүйдүрүү үчүн жаратткан. Ал эми бизди, адамдарды, ыйманга чакыруу үчүн пайгамбарларды жөнөткөн.

Ошентип адам күбөлүк келимесин айтуу менен ааламдын эң чоң акыйкаты болгон ыйман менен таанышат; Аллахты кабыл алат жана Ага моюн сунат. Бардык нерсе Анын каалоосу менен гана болорун билет. Жүрөгүнө бекем орногон ыйман аркылуу аны жараткан, ага кол, тил, көз, акыл, жүрөк, эне, ата, мекен сыяктуу бардык жакшылыктарды берген жалгыз Аллах экенин түшүнөт. Мунун натыйжасында, ал адам менен Жаратканды ортосунда ыйман байланышы түзүлөт. Бул ыйман байланышы биздин эң ардактуу жана маанилүү баалуулугубуз. Исламдагы намыс мал-мүлккө, рассага, кызматка, урууга же байлыкка байланыштуу эмес. Исламдагы чыныгы урмат-сыйга, бийик даражага мусулман болуу аркылуу гана жете алат. Фреди ушундай сый-урматка ээ болгон.

- Кечиресиз агай, унутуп кала жаздаган экенмин. Фреди мусулман болгондон кийин атын өзгөрткүсү келгенин айтты. Имам болсо ага: “Эмнеге болбосун, аны өзүң билесиң”, – деди. Андан кийин, Азирети Иса (а.с.) пайгамбарга жүз жылдардан кийин келе турган Мухаммед Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) тууралуу сүйүнчүлөнгөнүн, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) Библиядагы аты Ахмет экенин түшүндүрүп берди. Соңунда имам Фредиге бул ысымды сунуштады. Ал Ахмет деген ысымды ушунчалык кубануу жана ырахаттануу менен кабыл алды.

- Кандай дал келүү, Ахмет, сен биздин жаш мусулман бир тууганыбыз менен диндеш да, адаш да болуп калган турбайсыңбы.

- Ооба агай, чынында, бул күн мен үчүн өмүрүмдө эч качан унутпай турган сонун күн болду. Азыр Аясофия мечитин эстеген сайын менин жаңы мусулман адашым Ахмет да эсиме келет.

Жусуп агай класска кайрылды:

- Мына балдар, биз Ахмет досуңарга ыраазычылык билдирип коёлу. Анткени ал баарыбызга таасир берген маанилүү окуяны биз менен бөлүштү. Ал бизге ыймандуу болуу кандай сыймык экенин өзү күбө болгон окуя аркылуу баяндап берди?

Чындыгында, ыйман деген Күн сыяктуу, караңгылыкта калган адамдын ички жан дүйнөсүн да, сырткы дүйнөсүн да жарык кылат. Адам ыйманы менен гана Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бүткүл адамзатка үлгү кылып үйрөтүп кеткен жакшы адеп-ахлакка ээ боло алат жана чыныгы адам болот.

Ыймандын негизинде адамгерчилик эмне экенин, мээримдүүлүк, тазалык, берилгендик, адептүүлүк, адилеттүүлүк эмне экенин үйрөнүп, жашоосуна киргизет. Мына, балдар, биз мунун чыныгы жашоодогу мисалын Ахметтин айтып берген баянынан уктук. Көрдүңөрбү, чет өлкөдө болсо да Ислам менен жашагандар, Ислам дининин баалуулуктарын жашоосу аркылуу чагылдыра алгандар








башка адамдарга кандай таасир этет... Алар айланасындагылардын жүрөктөрүн Ислам аркылуу жылытышат. Ошол немис жигиттин мусулман кошуналарын жана досторун да куттукташыбыз керек деп ойлойм. Анткени алар жашаган Исламдын кооздугу жана акыйкаты немис жигитинин жүрөгүн жылытты, мусулман болушуна алып келди.

Агайдын сөзүнөн кийин Насип колун көтөрдү.

- Агай, ыймандын дагы түрлөрү, даражалары болобу?

Класстагы окуучулардын баары үндөбөй агайды карап, бул суроонун жообун кызыга күтүп калышты. Дал ошол учурда танапис болуп, коңгуроо кагылып калды. Жусуп агай: “Балдар, бул суроонун жообун шаршемби күнү сабакта берейин”, - деп, сабакты бүтүрдү.

## Жаратуучубузду бизге тааныткан үч улуу таанытуучу

Окуучулар сумкаларын алып, класстан акырын чыгып кетишти. Төрт-беш окуучу өз ара сүйлөшүп, мектептин аркы бетиндеги китеп дүкөнүн көздөй бет алышты. Кирип барышып, Өмүр аганы адаттагысындай эле столдо китеп окуп отурган жеринен көрүштү. Аппаккар да кадимки эле ордунда таттуу уйкуда жатты.

Өмүр ага:

- Кош келдиңер, жаштар, - деп жылмайып тосуп алды.

Өмүр аганын үстөлүндө түстүү вазада жыпар жыттуу гүлдөр бар экен. Алихан чоң атасынан вазадагы гүлдөрдү жыттоо үчүн уруксат сураймын деп жатып, кокусунан вазага колу тийип кетти. Ваза столдун үстүнө кулап калды. Сынган жок, бирок анын үнүнөн Аппаккар “мяу” деп, Өмүр аганын кучагына секирди. Күтүлбөгөн жерден айланадагылардын баары жандана түштү. Баары Алиханды карап калышты. Алихан болсо шашкалактай чоң атасын




караганда, окуучулардын баары күлүп калышты. Алихан адаттагыдай эле жылмайган жүзү менен:

- Кечирип коюңуз, чоң ата, байкабай чалынып кеттим, - деди.

- Мындай нерселер боло берет, Алихан, эч нерсе эмес, - деди Өмүр ага түшүнүү менен. – Биз баарыбыз адамбыз. Албетте, кээде каталарды кетиребиз. Эң негизгиси – адамгерчиликтүү болуу, бири-бирибизге түшүнүү жана урмат-сый менен мамиле кылуу. Мусулман жылуу сөзү, жылмайган жүзү жана башкаларды түшүнө билүүсү менен адамдардын сый-урматына татыктуу болот. “Идеалдуу дос издегендер доссуз калышат” деп ата-бабаларыбыз айтышкан.

Мына ушундай, балдар. Өзүңөр, жакшысыңарбы? Силердин маанайыңар жакшы окшойт. Сабактар кандай өтүп жатат?

Асан:

- Кудайга шүгүр, Өмүр ага, сабактарыбыздын баары абдан жакшы. Акыркы сабакта биз Аллахка ыйман келтирүү темасын өттүк. Ыймандын маанилүүлүгүн түшүнгөндө: “Бул темада кандай китептерди окусак болот?” деп өз ара сүйлөштүк. Анан бул жакка келдик, - деди.

Муну уккан Өмүр ага:

- Балдар, алгач силерди куттуктап коёюн, абдан туура кылгансыңар, - деп аларды кубаттап койду. – Экинчиден, мен силерге жардам берейин. Күчтүү ыймандын маанисин








түшүнгөн адам алгач өзүнө ыйманымды кантип күчтөндүрүү керек деген суроону берет. Жаратылышыбыздын эң башкы максаты – Аллахка ыйман келтирип, Ага татыктуу кул болуу. Чындыгында эле ыйманыбызды күчтөндүрүү керек. Ыйман маселесине келгенде, Раббибизди бизге тааныткан үч чоң таанытуучу бар. Ошондуктан, биринчи кезекте алар тууралуу билип, үйрөнүп алышыбыз керек.

- Ал таанытуучулар кимдер, Өмүр ага? – деп сурады.

Раббибизди тааныткан бул үч таанытуучунун биринчиси - Аалам китеби, экинчиси – Пайгамбарыбыз (с.а.в.), үчүнчүсү - Курани Карим.

Аалам, ичиндеги бүт нерселер менен бизге Раббибизди тааныткан жана Аны сүйдүргөн бир китеп сыяктуу. Биз да аалам китебин окуп, изилдешибиз керек. Раббибиз Курани Каримде көрсөткөндөй жана сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өмүр жолу аркылуу бизге үйрөтүп кеткендей, ааламдагы бардык нерсеге үлгү катары карап, сабак алышыбыз керек. Муну биз айланадагыларды кунт коюп карап, терең ойлонуу, башкача айтканда, “ой жүгүртүү” деп атайбыз. Балдар, каалайсыңарбы, ой жүгүртүү боюнча Куранда айтылган мисалдардын бири жөнүндө айтып берейин?

Балдардын баары биргеликте:

- Ооба! – дешти.

Ибрахим:

- Өмүр ага, ошол ой жүгүртүүнүн үлгүсү пайгамбарлардын бирөөсүнүн жашоо-турмушу менен байланыштуу болушу

мүмкүнбү? Ушул тууралуу да айтып бере аласызбы? – деп кошумчалады.

Аңгыча баарлашуу кызуусуна киргенин көргөн китеп дүкөнүнүн кызматкерлери дасторконго ысык чай, кургатылган жемиш алып келишти. Өмүр ага кызматкерлерге ыраазычылык билдирип, чайларды алгач келечектин аксакалдары боло турган жаштарга берүүсүн өтүндү. Анан сөзүн минтип улантты:

- Ооба, эмнеге болбосун, Ибрахим! Биринчи кезекте, бул жаңы чай менен кургатылган жемиштен жегиле. Биздин мисалыбыз Азирети Ибрахим (а.с.) менен болгон окуя жөнүндө болот.

Кадыр досу Ибрахимге кайрылып, акырын айтты:

- Мына, Ибрахим, сенин атыңа байланыштуу да бир окуя бар экен.

Өмүр ага балдарга мээрим төгө:

- Кана, анда угуп тургула. Азирети Ибрахим силердей эле жапжаш балдардын бири болгон. Ал жашаган мезгилде Аллахка болгон ишеним белгисиз болчу. Адамдар буттарга сыйынышчу. Азирети Ибрахим болсо буттарга сыйынууну акылга сыйбаган нерсе деп эсептеп, Раббисин издеген. Күндөрдүн биринде түндө ал асманда жаркыраган жылдызды көрдү. Анан ал: "Бул менин Раббим болушу мүмкүнбү?" деп ойлоно баштады. Бир аз убакыт өткөндөн кийин жылдыздын асманда суюлуп батып, жок болуп бератканын көрдү да: "Мен батып кеткен нерселерди жактырбайм. Бул жылдыз менин Раббим боло албайт", - деди. Анан асманда жаркырап чыккан Айды көрдү. Дагы: "Кызык, Раббим бул болушу мүмкүнбү?" деп дагы терең ойго батты. Анан таң атып, анын да батып баратканын көрдү. "Ай да менин Раббим боло албайт", – деди. Андан кийин: "Оо, Раббим, эгер мага туура жолду көрсөтпөсөң, мен аны таба албайм!" - деп Аллах Таалага дуба кылды.

Алихан толкундана:

- Чоң ата, дубадан кийин Азирети Ибрахим Аллахты таба алдыбы? – деп сурады.








Өмүр ага:

- Ооба, Алихан, дагы шашып кеттиң. Мен да ошол тууралуу айтайын деп жаткан элем. Жердин бети агарып, Күн жаркырап чыккан кезде Ибрахим (а.с.): "Күн абдан чоң. Бул менин Раббим боло алабы?" деп ойлоду. Бирок кеч кирип, Күндүн дагы батып кеткенин көргөн кезде, Улуу Жаратуучунун батпаган, өчпөгөн, жоголбогон, жок болбогон өзгөчөлүктөргө ээ болушу керектигин түшүндү. Андан соң: "Мен жүзүмдү асман менен жерди жараткан Аллахка бурдум", - деп Аллахты тапты.

Ошол учурда Кадыр:

- Кандай сонун. Ибрахим (а.с.) аалам китебин окуп, Раббисин табууга аракет кылган турбайбы. Мындай терең ой жүгүртүүсү менен бизге Кудайдын кандай сапаттарга ээ болушу керектигин үйрөтүп кеткен тура, - деген оюн ортого салды.

Алихан:

- Чоң ата, дүйнөдө Аллахтын бар экендигине ишенбегендер дагы бар. Аларга кандай баа беребиз? – деп кызыга сурап калды.

— Ооба, бул да жакшы суроо. Мына балдар, биз баарыбыз сыноодон өтүп жатабыз. Раббибиз бизге ишенүү же ишенбөө эркиндигин берген. Азирети Ибрахим (а.с.) сыяктуу Аллахтын жаратып койгондорун карап, Аны тапкандар болгон. Бирок, ошол эле учурда, ар кандай шылтоо менен Аллахты кабыл

албагандар да болгон. Раббибиз адамга акыл берди, анан белгилүү бир убакытка созулган өмүр берди. Мындан тышкары, адамдын алдына өзүнүн бүткүл нэматтарына, жакшылыктарына жана ырыскыларына толгон бир дүйнөнү койду. Ошондон кийин адамга тандоо эркин берди. Адам акылга салып, терең ойлонуп көргөндө, көркөмү көздүн жоосун алган керемет дүйнөнү бул жакка кой, жөнөкөй эле тигүүчү ийненин да өзүнөн өзү жаралбаганын билет. Себеби, ийненин да устасы, жасоочусу бар.

Балдар, биз Аллахтын бар экендигине элдин баары айтканы үчүн ишенип, "Аллах бар" деп айтып жаткан жерибиз жок. Аллах болгону үчүн биз "Аллах бар" деп жатабыз жана муну далилдеп келебиз. Биз Аллахтын бар экенине далилдер менен ишенебиз. Ал эми бар болгон нерсенин бар экенин далилдөө өтө оңой экенин силер жакшы билесиңер.

Өмүр аганын сөзүнө Кадыр бир аз таң калып:

- Өмүр ага, мен азыркы айтканыңызга эч түшүнгөн жокмун, - деди.

Өмүр ага капталдагы текчеден Түшүндүрмө сөздүктү алып чыгып, Кадырга сунду.

- Кадыр, балам, бул сөздүктөн "Аллах" деген түшүнүктү таап бересиңби?

Кадыр "А" тамгасынан "Аллах" түшүнүгүн дароо таап: "Таптым, Өмүр ага, сегизинчи бетте экен", - деди.

Өмүр ага:

- Аллах деген сөз ал сөздүктө бар болгону үчүн сен аны оңой таптың, туурабы? Эми ушул эле сөздүктө Аллах деген түшүнүк жок экенин бизге далилдеп көрсөтчү.

- Өмүр ага, бул абдан кыйын. Мен ал үчүн бардык барактарды барактап чыгып, алардын ар бирин бир-бирден көрсөтүшүм керек болот, - деди Кадыр.

- Ооба, балдар, бар нерсенин бар экенин далилдөө оңой, бирок анын жок экенин далилдөө кыйын. Биз, мусулмандар, Аллахтын бар экенин оңой далилдей алабыз, бирок каапырлар Аллахтын жок экенин далилдей алышпайт.







Андан кийин Өмүр ага окуучуларды дүкөндүн эшигин көздөй ээрчитип барды. Сыртта нурлары менен дүйнөнү мээримине бөлөп, жарык кылып турган күндү көрсөттү:

- Мына балдар, карагылачы, кээ бирөөлөр күндүзү эшикке чыгып көзүн жумуп алышса, күн нурлары өчүп калабы?

- Жоок, ал киши өзү гана күндү көрбөй калат. Бирок күн мурункусундай эле жаркырап жарык чачып тура берет, - деп жабыла жооп беришти.

- Мына, Алихан, ишенбегендер да ушул мисалдагыдай, ачыктан ачык болуп турган Аллахты көрбөй көздөрүн жумуп алышат.

## Ыймандын даражалары барбы?

Шаршемби болчу. Кайрадан Жусуп агайдын сабагы болду. Жусуп агай адатынча сабакты окуучулардын абалын, маанайын суроо менен баштады. Анан мурунку сабакта суроо берген Насипке кайрылып:

- Насип, сен өткөн сабакта суроо берип, сабак аягына чыгып калгандыктан жооп бере албадым эле. Кааласаң, ошол сурооңду жалпы класска эскертип койсоң болот.

- Макул агай, мен өткөн сабакта ыймандын түрлөрү жана даражалары барбы деп сураган элем.

Жусуп агай:

- Абдан жакшы. Менин силерге бир сунушум бар. Бүгүн күн ачык, аба ырайы да абдан жакшы болуп турат. Кааласаңар, бул суроого бакчадагы чынардын түбүнө отуруп жооп берели, - деди. Ошентип бүт классты бакчага алып чыкты.

Октябрь айы болгонуна карабай, жайдын жылуу илеби дагы эле кете элек эле. Бакчада чоң чынардын алдындагы

отургучка олтурушту. Ал жерде окуучуларды күтүлбөгөн белек күтүп турган эле. Кооз себетте кыпкызыл болуп бышкан жыйырмадай чоң алмалар бар болчу.

Жусуп агай:


- Алгач бул алмаларды жеп алалы, андан кийин ыймандын ар түрдүү даражаларынан улам пайда болгон түрлөрү тууралуу сүйлөшөлү. Саид, мен алмаларды жууп койгом. Досторуңа таратып бересиңби? – деди.

Класс башчысы болгон Саид дароо себетти алып, окуучуларга алмаларды таратты. Баары кыпкызыл алмадан бирден алышты.

- Кана эми, бисмиллах деп жей бергиле!

Баары колундагы алмаларын жей баштады. Жеп жатып, агайына ыраазычылык билдиргенди да унутушкан жок. Айрыкча Алихан: “Агай, чындыгында эле абдан даамдуу алма экен” деп тамшанып алды.

- Аш болсун, балдар. Раббибиз бул алмаларды баарыбыз үчүн бир нэмат катары берген. Негизги ыраазычылыкты биз Аллахка айтышыбыз керек, - деди Жусуп агай. - Балдар, силерден бир суранычым, алмаларды жегенден кийин данектерин ыргытпагыла.







Алмаларды жегенден кийин кайрадан сабакты улантууга даяр болушту. Жусуп агай өзү жеген алманын ичиндеги беш-алты даана данекти колуна алды. Андан кийин окуучуларга да ошентип данектерди колго алуулары керектигин айтты. Тез аранын ичинде баарынын алаканында ар кандай түстөгү данектер турду.



- Балдар, биз ишенимдин ар кандай даражалары жөнүндө айтып жатабыз. Алманын уруктары бул жагынан бизге жол көрсөтө алат. Келгиле, бул жөнүндө ойлонуп көрөлү. Колубуздагы алманын уругунун кайсынысын болбосун ылайыктуу шарттарда топуракка сала турган болсок, урук алгач топуракта өнүп чыгат. Бир аз убакыт өткөн соң бутак байлап, көчөт болуп калат. Дагы белгилүү бир убакыт өткөн соң бутактары жайылып, кадимкидей жаш бакка айланат. Бара-бара мөмө байлап, анан көлөкөлүү чоң алма дарагына айланат. Чынында, бул даражалардын баары алма дарагынын өсүү этаптары.

Кымбаттуу окуучуларым, алманын уругу менен алма дарагынын ортосунда кандай баскычтар жана даражалар бар болсо, ыйманда да ошондой көп баскыч жана даражалар бар. Бул жерде көрүнүп тургандай, ар бир адам аракет кылуу менен ыйманын улам күчтөндүрүп жана бекемдей алат. Мына ушул жерден Насип, сага суроо бергим келип турат. Топурактан жаңы баш баккан кичинекей алманын

көчөтүн жулуп алып салуу кыйынбы? Же жерге тамырлап чоңоюп калган алма дарагынбы?

- Албетте, тамырлап калган алма дарагын жулуп салуу кыйыныраак, агай, - деп жооп берди Насип ордунан туруп.

- Туура айтасың. Жетилген, өсүп чоңоюп калган даректын тамыры жердин тереңинде болгондуктан, аны жулуп салуу оңойго турбайт. Ыйман күчөгөн сайын адамдын руханий дүйнөсүнүн эң тереңине чейин тамырлап, бекем орноп калат. Жулуп салууга мүмкүн болбой турганчалык бекем орноп калат. Эми биз көлөкөсүндө отурган чынар жөнүндө ойлонуп көрөлүчү. Анын тамыры бардык жерге тараган. Мындай даракты оңой эле жулуп салууга болобу?

Кадыр:

- Агай, ыймандын түрлөргө бөлүнүшү ушул өнүгүү деңгээли боюнча болобу?

- Ооба, ошондой. Ыйман өнүгүү даражасына жараша эң алгач алсыз жана күчтүү ыйман болуп экиге бөлүнөт. Алсыз жана күчтүү ыйманды жакшыраак түшүнүү үчүн силерге бир мисал аркылуу айтып берейин. Мисалы, балдар, бир бай көптөгөн ар түрдүү мал-мүлкүн базарга алып келип калса, алардын баарынын ошол адамга таандык экенин эки жол менен түшүнсөк болот. Бирөөлөр: “Мынча байлык, бир болсо ошол байга таандык. Мынчалык мал-мүлк ал адамдан башка кимде бар эле” деп үстүртөн ой жүгүртөт.

Ошол учурда Адил колун көтөрө:

- Бирок, агай, мындай божомол бир аз жалпыланган болуп калбайбы? – деп сурады.

- Туура айтасың, мындай көз караш сырткы көрүнүшүнө карата жалпыланган баа берүү болуп саналат. Себеби бирөөлөр ушундай ой жүгүрткөн адамга: “Сен көргөн мынчалык мал-мүлк ал адамга эмес, башка баланча деген адамга таандык экен”, же болбосо “Ал мүлктүн жарымы башка бирөөнүкү экен” десе, өз божомолун айткан адам өз







оюнан күмөн санайт да: “Болушу мүмкүн” дейт. Себеби анын колунда далил жок.

- Анда экинчи жол кандай, агай?

- Экинчи жол – иликтеп, изилдөө жолу. Бул ыкманы колдонгон адам ар бир мүлктөгү басылган ээсинин мөөрүн же логотибин байкайт. Башкача айтканда, мүлктөгү логотибден улам ал мүлктөрдүн кимге таандык экенин ачык жана так түшүнө алат. Эч качан “Бул мүлк чындап эле анынкыбы?” деп мындан шек санабайт. Эгер кимдир бирөө ага башкача ойду айтып, адаштыргысы келсе, ал дароо ошол адамдын логотибин көрсөтүп: “Бул жердеги мүлктө кичинесинен чоңуна чейин анын логотиби бар. Ошондуктан булардын баары ага таандык” деп ишенимдүү айтып жана далилдеп бере алат.

- Кымбаттуу достор, ыймандын да мына ушул сыяктуу эки даражасы бар. Биринчиси, Аллахтын бар экенин жана бирдигин изилдебей туруп алынган ыйман. Башкача айтканда, ата-эне, тууган-урук, айлана-чөйрөсүнөн көрүп, аларды угуп, тууроо менен гана Аллахтын бар экенин жана жалгыздыгын кабыл алуу дегенди билдирет. Бул тууроодон улам келип чыккан ыйман деп да аталат. Бул ыйман алсыз. Ыймандын мындай даражасындагы адам: “Аллах бар жана бир” дейт жана иликтеп, изилдөө зарылчылыгын сезбейт, жөн эле кабыл алат. Мындай адамдын күмөн санап калуусу да оңой.

Ибрахим колун көтөрүп:

- Агай, ыйманы алсыз болгон адам өзүнүн ыйманын далилдей алабы? – деп суроо берди.

- Жакшы суроо. Достор, тилекке каршы, тууроо жолу аркылуу ээ болгон ыйман ээси эч кандай изилдеп, иликтөө зарылчылыгын туйбагандыктан, бардык нерсенин ээси жана жаратуучусу Аллах экенин далилдей албайт. Ошондуктан мындай адам оңой эле шектениши мүмкүн. Мына балдар, тууроо жолу аркылуу айлана-чөйрөдөн үйрөнгөн ыймандын алсыз болорун биз түшүндүк, туурабы? Анда келгиле, даражасы күчтүү ыймандын өзгөчөлүктөрүн чогуу табууга аракет кылалы.

Класс башчысы Саид сөз алып, мындай деди:

- Агай, сиздин айткандарыңызга таянсак, күчтүү ыйман иликтөөнү, сурамжылоону, изилдөөнү талап кылат, туурабы?

- Ооба, бул абдан туура.

Айша:

- Агай, андай болсо изилдөө жана сурамжылоо жолу аркылуу Раббибиздин бар экенине жана жалгыздыгына далилдерди таба алат турбайбызбы, туурабы?

Жусуп агай:

- Абдан жакшы. Күчтүү ыймандын өзгөчөлүктөрү чыга баштады. Ооба, балдар, күчтүү ыйманда, биринчи кезекте, изилдөө деген болушу керек. Аллахтын бар экенин жана жалгыздыгын изилдөө аркылуу далилдөөгө болот. Ушундай бекем ыйман даражасына жеткен адам бардык нерсенин ээси Аллах экенин так билет. Анткени анын далилдери бар. Бул далилдери менен бүткүл жандыктарды жаратуучу жана башкаруучу Аллах экенин чечкиндүү түрдө тастыктай алат. Бул дүйнөдө бардык жандуу жана жансыз жаратылыштагы Аллахтын далилдерин изилдеп көрөт жана толук ишенет, эч кандай шек-күмөнгө түшпөйт. Бул адам эмнени карабасын анын Аллахка таандык экенин көрө алат жана көрсөтөт. Ыймандын ушул даражасына жеткен адам күмөн санабайт, анткени анын ыйманы бекем. Мындай ыйман күчөгөн сайын адамдын жүрөгүнө орноп,





тамыр алат. Аны жулуу бул жакта турсун, кыймылдатуу абдан кыйын болот.

- Агай, ыйманыбыздын жүрөгүбүзгө бекем орношу тууралуу кененирээк айта кетсеңиз жакшы болот эле. Бул маселени башка балдарга түшүндүрүп жатканда дагы кандай мисалдарды келтирсек болот? – деп класстагы унчукпай отургандардын бири Айнур суроо берди.

- Ооба агай, мени да Айнурдун суроосу кызыктырып жатат. Ыйманыбыз абдан күчтүү болуп, ичибизде тамырлап, бизди эч качан таштабасын. Күмөн санабайлы, - деп Алихан Айнурдун сөзүн кошумчалады.



- Абдан жакшы айттыңар. Бул жагынан башкаларга жардам берүү идеясы жакшы пикир, - деп балдарды кубаттады Жусуп агай. - Достор, келгиле, мындай кылабыз: Ыйман биздин жүрөгүбүзгө керектүү руханий азык сыяктуу да. Мисалы, табактагы алманы алалы. Айнур, кел, сен колуңа бирди алчы. Эми кимдир бирөө кааласа ар кандай жолдор менен ал алманы сенден күч менен тартып ала алабы?

- Ооба агай, күч менен алса болот.

- Туура, күч менен алышы мүмкүн. Макул, эми сен ошол алманы жеп алдың дейли. Ал сенин ашказаныңа барып,

каныңа сиңип, клеткаларыңа чейин тарап кетсе, бул алманы сенден бирөө ала алабы?

- Жок агай, мындай учурда эч ким ала албайт! Денеме сиңип, организмимдин бир бөлүгү болуп калган нерсени эч ким менден ала албайт.

- Күчтүү ыйман дагы ушундай. Күчтүү ыйман адамдын жүрөгүнүн тээ тереңинен орун алат. Ал жакта бул чынар сыяктуу тамырлап, бекем отуруп калат. Бардык жерден далилдери менен үйрөнүп, бүткүл сезимдери менен жашаган ыйманды эч ким ала албайт.

Мындай мисалдан абдан таасирленген Алихан:

- Ооба агай, мындай ыйманды Аллах жүрөгүбүзгө насип кылган болсо, аны эч ким бизден ала албайт, - деп Жусуп агайдын сөзүн кубаттады:

Саид чечкиндүү үн менен:

- Агай, эмне үчүн кээ бирөөлөр ыйманынан күмөн санашарын мен эми жакшыраак түшүндүм. Ыйманыбыз алсыз болгондо, биз бат эле башкалардын сөзүнөн таасирленип кетет экенбиз да. Анда мен дагы ыйманымды бекемдегенге аракет кылышым керек, - деди.

Жусуп агай Саиддин айтканына макул болуп башын ийкеди.


- Ыйманы күчтүү адам кайсы жерди карабасын, Аллахтын бар экенин жана бир экендигин көрө алат. Мисалы, алдыбыздагы мектепти карайлы! Анын курулганына бир кылымдан ашык убакыт өттү. Бул имаратты курган инженерди көргөн жокпуз, аны тааныбайбыз дагы. Бирок, бул имаратты пландап, ар бир деталын иштеп чыккан бир инженер болгонуна толук ишенебиз да, туурабы?

Балдардын баары бир добуштан:

- Албетте, агай! Бул кооз имарат кантип өз алдынча курулуп калсын? – деп коштоп кетишти.







– Туура айттыңар, достор. Бул имараттын кыштары өз алдынча чогулуп, бул имаратты кура албайт. Бул кооз, кенен имаратты бардык шарттарына ылайык кылып адамдардын жашоо шарттарын жакшы билген бирөө курду. Ал өзүнүн билими менен адегенде пайдубалын, андан кийин дубалын, акырында чатырын пландап жасады. Имараттын инженерин көрбөсөк да, бул имараттын өзгөчөлүктөрүнө карап инженердин мүнөздөмөлөрүн, анын билимин, кесипкөйлүгүн биле алабыз.

## Алманы карообу? Алмага карообу?

Сабак абдан жандуу жана таасирдүү өтүп жатты. Саид кайра кол көтөрдү:

- Агай, бизге ыйманды бекемдей турган дагы бир-эки таасирдүү ой жүгүртүүгө багытталган көнүгүүлөрдөн талкууласак болобу?

- Албетте! – деди Жусуп агай. – Мисалы, "Биз жеген алма тууралуу бир ойлонуп көрөлү! Ыйманы күчтүү адам алманы карап, терең ой жүгүртүп, анда форма, түс, жыт жана даам сыяктуу адамдардын табитине жана сезимдерине таасир этүүчү нерселер бар экенин түшүнөт. Бир аз мурун алма жеп жатып баарыбыз муну байкадык, туурабы? Баары чоң, жагымдуу көрүнгөн, ширелүү, жыпар жыттуу, даамдуу алмалар... Анан адам алмадагы бул өзгөчөлүктөрдүн булагын изилдеп баштайт да, "алмадагы бул өзгөчөлүктөрдү адамдарды сүйгөн жана аны абдан жакшы билген бирөө жаратышы мүмкүн" деген тыянакка








келет. Мисалы, витаминдерге муктаж экенибизди билген бирөө бизге алма бериши мүмкүн. Андан кийин алманын пайда болушунда түздөн-түз катышы болгон топурак, суу, аба жана дарактарды карайт. "Алар чындап эле алмалардагы биз көргөн өзгөчөлүктөрдү ойлонуп табууга жана ушундай болушу керек деп пландаштырууга жөндөмдүүбү? Аларда ушундай жөндөм барбы?" деген суроого жооп издейт. Бул изденүүнүн, изилдөөлөрдүн натыйжасында алманын формасын, керемет даамын жана жытын билбеген, акылсыз, билимсиз, аң-сезимсиз бир дарак, топурак же башка бир себептер жарата албастыгын түшүнөт.

Жусуп агай кунт коюп угуп жаткан окуучуларды кыдырата бир карап алды да, сөзүн улады:

- Достор, бул жердеги көз караштa абдан маанилүү айырмачылык бар. Алманы кароо менен алмага кароо эки башка нерсе. Башкача айтканда, эгер алманы жөн эле карап көрсөңөр, аны жараткан Затты ойлобой эле, анын материалдык өзгөчөлүктөрүн көрөсүңөр. Алманын курамындагы пайдалуу витаминдер тууралуу сөз кыласыңар. Ошол пайдалуу витаминдерди алмага ким койгону тууралуу көп ойлонбойсуңар. Алманы жараткан жана аны бизге тартуулаган Аллахтын сыпаттарын толук түшүнө албайсыңар. Бирок, алмага карасаңар, алма объект болуп калат. Силер ошол объекттин предмети, аны жаратуучусу жөнүндө ойлоносуңар. Алмага караганыңарда, алма көркөм чыгармага айланат. Башкача айтканда, ал алмадан ушунчалык кереметтерди көрө аласыңар. Анан ошол кереметтердин жаратуучусун, ошол көркөм өнөрдүн ээсин изилдейсиңер.

"Бул керемет мөмө-жемиштерди биз үчүн бутактарга ким илип койду? Ичи-тышын биздин табитибизге жараша кооздоп жасаган ким? Алманын ичин бизге керектүү жана пайдалуу витаминдерге ким толтурду?" деген сыяктуу суроолорду берип, алмадагы бардык өзгөчөлүктөрдүн чыныгы ээсин изилдейсиңер. Мына ушул көз караштан

алганда, алманын кооз формасын, керемет даамын жана ажайып жытын бизди тааныган жана бизге мээримин төгүүчү Аллах жаратышы мүмкүн экенин түшүнөсүңөр. Бул көз караш менен алып караганда, “Алма кандай сонун!” деп тамшанбайсыңар, “Алма кандай сонун жасалган, биз үчүн кандай кремет жаратылган!” деп тамшанасыңар.

Ошентип, алманын пайдалуулугу жана табитке жараша жаратылганы топурактан, суудан, абадан эмес, анын чыныгы ээси Аллахтан экенин түшүнөсүңөр. Мына ушундай жол менен, башкача айтканда, алмага караганда, бизге алма сыяктуу жер бетиндеги бардык жакшылыктарды тартуулаган мээримдүү, кең пейил, чексиз илимдүү жана кудуреттүү Раббибиз деген чындыкка чыгасыңар.

Алихан жаңы жана абдан таасирдүү маалыматтарды алганына толкундана колун көтөрүп ордунан тура калды:

- Агай, бул тууралуу бир нерсе айтсам болобу?

- Сиз айткан маалыматка кандайдыр бир салымын кошот деп ойлойм...

Жусуп агай башын ийкеп:

- Албетте, Алихан! – деди.

- Өткөн дем алыш күнү апам менден бир жаш кичүү карындашыма сонун торт бышырып берди. Чоң атам менен чоң апам да биздин үйгө мейманчылап келишкен болчу. Торттун ичи шоколад, сырты крем, үстү кулпунай менен кооздолуп, аябай даамдуу экен.

Ошол учурда Кадыр чыдабай кетти:

- Алихан, болду токтот! Тортту ушундай сүрөттөп айтып берип жатасың, даамы оозубузга келип кетти.

- Кечиресиңер балдар, Кадыр, сен дагы туура эле айтып жатасың. Бирок мен муну мына ушундай айтып түшүндүрбөсөм болбойт. Бул тортту жасаш үчүн апам көп эмгек кылган. Тортту мына жейбиз деп турганыбызда чоң атам: “Бир аз күтө турасыңарбы?” деди. Колубузда кашык,







көзүбүз тортто, оозубуздан шилекейибиз куюлуп: “Ой, чоң ата!” дедик. Анан чоң атам карындашыма суроо узатты:

- Менин сулуу неберем, бул абдан даамдуу тортту сага жасап берген адам сени жакшы көрөбү же жаман көрөбү?

Карындашым апамды карап:

- Чоң ата, кантип эле жаман көрсүн? Албетте апам мени абдан жакшы көрөт, - деди.

- Аа жакшы, апаң сени абдан жакшы көрөт, сен үчүн кам көрөт, ошондуктан бул тортту дал сен каалагандай, сен сүйгөндөй кылып жасады, туурабы?

– Ооба, чоң ата.

- Менин акылдуу неберелерим, эсиңерде калсын деп силерди бир аз күттүрүп койдум! Эми мен силер менен эч качан унутпай турган бир турмуштук сабак менен бөлүшкүм келет. Мына бул тууралуу бир ойлонуп көрөлүчү: “Торт кандай сонун болуптур” дегенде силер тортту ушундай даамдуу кылып жасаган апаңарды эстейсиңерби, же “апабыз бул тортту биз үчүн кандай сонун кылып жасаган” деп айткандабы?

Карындашым экөөбүз тең жарыша:

– Албетте, экинчисин айтканда, чоң ата, – деп жооп бердик.

Ошондо чоң атам бизге карап: “Акылдуу неберелерим, мына, экинчи көз караш такыр башкача. Мына ушундай көз караш аркылуу силер мээримдүү апаңардын силерге болгон мээримин, сүйүүсүн, силерге арнап бул даамдуу тортту

бышырып бергенин түшүнөсүңөр. Ал эми “Торт кандай сонун болгон” деп айткан кезде аны жасаган адам тууралуу ойлобойсуңар. Бирок, “Торт кандай сонун жасалган, туура мен каалагандай болуптур” десеңер, бул тортту силерге жасаган апаңарды эстеген болосуңар. Ушуну унутпагыла. Кана эми, бисмиллах деп тамакка карайлы.

Апаңарга рахмат айтып, бул сонун тортту жейли. Андан кийин экөөңөргө өзүнчө алып келген белектеримди берем, бул белектер силерге абдан жагат деп ойлойм. Кийин, башка күнү ааламдын жаратылышы тууралуу ой жүгүрткөндө, азыркы айтылган сөздүн терең маанисин айтып берем, буйруса”, - деди.

Агай, эми мен азыр сиз айткан алманын мисалынан чоң атам бизге тортту кароо менен тортко кароонун айырмасын айткысы келгенин түшүндүм.

Жусуп агай жылмая:

- Алихан, чоң атаңар силерди абдан жакшы көрөрүн мен жакшы билем. Мүмкүн ал силерге башка бир нерсе айткысы келген чыгар?

- Кандайча? Эмнени айткысы келген болушу мүмкүн? – деп Алихан таң кала карады.

- Мисалы, белекти кароо менен белекке кароо сыяктуу.

- Туура айтасыз агай, мен бул тууралуу ойлонбоптурмун.

Бул талкууну кунт коюп угуп олтурган Саид сөзгө аралашты:

- Агай, чынында эле мындай көз караш башкалардан абдан айырмаланып турат экен. Адамды Жаратуучусуна алып чыккан бир көз караш экен. Сизге ыраазычылык билдиребиз.

Сабактын бүтөрүнө бир аз убакыт калган.

Жусуп агай балдарга карап:

- Балдар, силерге эртең бир жаңылык айтам, - деди.

Баары кызыга агайды карап калышты.





- Агай, жакшы жаңылыкпы?

- Эртеңге чейин бир аз кызыгууңар артып турсун. Эртең менен сабакка келгенде мен силер менен ал жаңылыкты бөлүшөм, - деди агай.

Окуучулар “Кызык, эртең Жусуп агай кандай жаңылык айтат болду экен?” деген ой менен үйлөрүнө тараашты. Алар чындап эле кызыгып жатышты. Класс жетекчиси болгон Жусуп агай аларга эмнени айтат? Алар бул тууралуу дароо эле билгилери келишти, бирок аргасыз эртеңкиге чейин күтө турган болушту.

Окуучулардын айрымдары үйлөрүнө барып, кечки тамактарын ичкенден кийин мектептин маңдайындагы китеп дүкөнүнөн жолугушала деп сүйлөшүштү. Айнур үйүнө келип апасы менен жылуу учурашты. Мектеп формасын чечип, үй кийимин кийди. Апасы алма кошуп жаңы бышырган токочторду бисмиллах деп жей баштады. Бул токочторду көргөндө анын эсине алманы кароо жана алмага кароо боюнча сабактан өткөн мисал келди. Анан ал апасына: “Апа, сиз абдан даамдуу токоч жасаган экенсиз, рахмат!” - деди.

Апасы: “Тамагың таттуу, бал жана шекер болсун, кызым. Кандайсың? Күнүң кандай өттү?” - деп Айнур менен сүйлөшө баштады.

Апасы мектептен келген Айнурдан дайыма: “Бүгүн мугалимдериңе суроо бердиңби, кызым?” - деп сурачу. Анан: “Сулуу кызым, суроо болбосо, жооп да болбойт. Өз убагында суроолорду берүү абдан маанилүү. Ата-бабаларыбыз кандай сонун айтышкан...” деген ийкемдүү ыкма менен, “Билбегени үчүн сурабайт, билген болсо сурайт эле, сурабаганы үчүн билбейт, сураса билет эле” деген сөздү айтып калчу.

Бул жолу да апасынын суроосуна Айнур: “Ооба, мен сурадым апа” деп, Жусуп агайдын сабагын апасына кыскача баяндап, андан тышкары, мектептен үйрөнгөндөрүн апасына толкундануу менен айтып берди. Анан кошумчалап:

“Апа, эртең агайыбыз бир жакшы жаңылык айта турган болду. Ал эмне болгон жаңылык экендиги мага абдан кызык болуп жатат. Биздин гана класска айтыла турган бул кандай жаңылык болду экен деп класстагылардын баары кызыгып калды”, - деди.

- Кызыгуу – бул жакшы нерсе, бирок сабыр кылуу дагы жакшы. Бир аз сабыр кылсаңар, эртең агайыңар силерге ал жаңылыкты айтып берет. Анан эс алып каласыңар, - деди апасы.

- Апаке, бүгүн уруксат берсеңиз, классташтарым менен саат төрттө мектептин жанындагы китеп дүкөнүндө жолугушууга барып келейин, - деди Айнур.

- Болот кызым. Убагында келүү шарты менен барып келсең болот.

## Аппаккар

Айнур китеп дүкөнүнө баргысы, өзгөчө Аппаккарды көргүсү келип жатты. Саат төрттө алар китеп дүкөнүндө жолугушту. Фатима, Насип, Райхан, Айша убада кылгандай эле убагында келишти. Китеп дүкөнү тынч эле. Дүкөндүн сүймөнчүгү болгон Аппаккар эшиктин алдында бардыгы менен учурашып жатты. Ал бүгүн өзгөчө агарып турду. Түштөн кийинки күн нурлары анын аппак жүндөрүнөн чагылышып, ансайын жаркырап турду. Окуучулар дүкөнгө киришип, Жусуп агайды да ошол жерден көрүштү. Мугалимдер Өмүр ага менен кызуу маекке кирип алышкан экен. Окуучулар мугалимдер менен учурашты. Өмүр ага аларды чай ичип, маектешип олтурган столго чакырды. Айнур унчукпаган кыз, бирок керектүү учурда суроо берүүгө абдан чебер эле. Китеп дүкөнү жымжырт болуп калган кезде, ал көптөн бери көкүрөгүндө сактап жүргөн суроону бергиси келди.

- Өмүр ага, бир нерсе сурасам болобу?


- Абетте, кызым, сурай гой, - деди Өмүр ага жан дили менен.





- Эмне үчүн мышыгыңыздын атын Аппаккар деп койдуңуз?

Өмүр ага жылмая:



- Туура байкаган экенсиң, эмне үчүн башка ат койбой, Аппаккар деп атап койгонум кызык болуп жатабы? Жусуп агайыңар дагы бул суроонун жообун билет. Бирок сенин сурооңо кимибиз жооп берсек деп ойлонуп жатам, - деди.

- Өзүңүз эле айтканыңыз туура болот го, Өмүр ага, - деди Жусуп агай.

- Андай болсо, айтып берейин, - деп сөзүн баштады.

Кыш мезгили болчу. Кар жаап, эшикте суук болуп турган. Кечке жуук Жусуп агай сыяктуу досторубуз менен дүкөндө маектешип отурганбыз. Бир маалда кар күчөп жаай баштады. Лапылдап жааган кар абдан кооз көрүнүштү жаратты. Биз ордубуздан туруп, сыртка чыгып, жааган карды суктана карап турдук. Канчалаган кар бүртүкчөлөрү бири-бирине тийбей ар башка жерге түшүп жатты. Ошол учурда сөзүбүз бул көрүнүшкө терең ой жүгүртүү тууралуу уланды. Биз кар бүртүкчөлөрүнүн бири-бирине окшош эместигин, жерге түшкөн ар бир кар бүртүкчөлөрүнүн уникалдуу экенин жана алардын баары бири-биринен айырмаланарын айтып жаттык. Бул айырмачылык




Раббибиздин жалгыздыгынын жана чексиз илиминин бир далили экенин айтып жатканыбызда кызыктуу бир окуя болду.

- Эмне окуя болду, Өмүр ага? – деп баяндын кызыгына батып калышкан окуучулар чыдабай сурап жиберишти.

- Бир маалда дүкөндүн эшигинен кичинекей ак мыймый пайда болду. Анын абдан үшүгөнү жана ачка экени көрүнүп турду. Биз аны дароо дүкөнгө киргиздик. Жылыткычтын жанына алып келип, кургак сүлгүгө ороп койдук. Анан жылуу сүт бердик. Мыймый жылыган сайын сүйкүмдүү болуп, бизге жаккан кыймылдарды жасай баштады. Курсагы тойгондо жыргап ойной баштады. Окуянын күбөсү болгон баарыбыз бул мыймыйды абдан жакшы көрүп калдык. Атын эмне деп коёбуз деген маселеге келгенде, ар кимибиз ар кайсы атты айттык: бирибиз Мончок болсун дедик, бирибиз Таргыл болсун дедик... Жусуп агайыңар болсо: “Асмандан аппак кар жааганда келген бул кичинекей коноктун атын Аппаккар деп атасак кандай болот?” деген сунуш киргизди. Анан бул ат баарыбызга жагып калды.





Ошондон кийин биз аны дайыма Аппаккар деп атап алдык. Бул ысым ага да абдан жакты деп ойлойм, - деп Өмүр ага баянын бүтүрдү.

Ошол учурда Аппаккар Өмүр аганын колдоруна секирип чыкты. Баары мышыктын бул кылыгына күлүп калышты.

Ошол учурда Фатима:



- Менин дагы бир суроом бар, сурасам болобу? – деп Жусуп агайга карады.

- Албетте, сура Фатима, - деди агай.

- Агай, ар бир кар бүртүкчөлөрүнүн ар башка формада болушу Аллахтын жалгыздыгына далил экендигин билебиз. Бул багытта кар бүртүкчөлөрүнөн башка дагы эмнелерди мисал катары келтирсек болот?

- Абдан жакшы суроо болду, - деп, Жусуп агай ал жердегилердин баарын бири-биринин жүзүн кароону суранды. Дасторкондо отурган кыздар эмне болуп жатканын түшүнбөй бири-биринин жүзүн караашты. Аппаккар да аларды кызыга карап турду.

Андан кийин:

- Арабызда бири-бирине аябай окшош болгондор барбы? – деп сурады.

- Жок агай, - дешти окуучулар бир ооздон.

- Мектептеги окуучулардын ичинен бири-бирине окшош болгондор барбы?

- Жоок агай.

- Ал эми Үскүдардачы?

- Жоок.

- Стамбулда же Түркиядачы?

Жусуп агай улам аймакты кеңейтип айтуу менен Азияда, Европада, ал тургай бүткүл дүйнөдө эки тамчыдай окшош болгондор болобу деп сурап чыкты. Ар бир суроосуна окуучулар “жок” деп жооп берип жатышты. Ошондо Жусуп агай:

- Мына, достор, Аллахтын жалгыз экенин, бардык адамдардын жүздөрү бири-биринен айырмаланып турганынан дагы түшүнсөк болот. Миллиарддаган адамдар бар жана алардын эч кимиси окшош эмес. Бир жүз бир гана адамга берилет. Ал жүз андан мурункуларга да, андан кийинкилерге да берилбейт. Анткени ар бир адамдын өзгөчөлүктөрүн алып жүргөн ДНКсы ар башка жана алар үчүн гана атайын жаратылган. Бул бүт адамдарды жаратканда бардык өзгөчөлүктөрүн билген жана чексиз мүмкүнчүлүктөрдүн арасынан ал жүздү тандап алган Аллахтын жалгыздыгын билдирет. Аллах бардык жаратылган жана жарала турган адамдардын жүзүн билет жана аларга өзгөчө жүз тартуулайт. Эгерде бардык жүздөр жалгыз болгон Аллахтын чексиз илиминен чыкпаса, анда баары аралашып, башаламан болуп кетмек. Демек, Аллах биринчи инсан Азирети Адамдан (а.с) бери инсандардын баарын бири-биринен айырмалап жараткан. Раббибиз ар бир инсанды ар башкача жаратып, чексиз илимин жана чексиз күчүн көрсөтүүнү каалайт.







- Агай, манжа издери сиз айтып жаткан нерсеге мисал боло алабы? – деди Фатима толкундана, дагы бир мисал тапканына сүйүнө.

- Албетте, Фатима, мындай мисалдарды айта берсе көп. Раббибиздин илими чексиз болгондуктан, бир адамга берген манжа изин башка эч кимге бербейт. Ар бир адам кайталангыс кереметтери менен төрөлөт. Бир ымыркайга берилген манжа изи буга чейин башка эч кимге берилген эмес, мындан ары да берилбейт. Дагы эч кимде баланын көзүндөгү ирис катмары жок.

Айша сөз алды да:

- Агай, кээ бир банктардын коопсуздук сырсөз системалары биздин көзүбүздөгү ирис катмары менен байланыш түзүү аркылуу иштейт деп окудум эле, - деди.

- Ырас, көп жерлерде сырсөздөр ирис катмарын сканерлөө жолу менен жасалат. Мисалы, уюлдук телефондордо, банк системаларында жана атайын кирүү эшиктеринде коопсуздук үчүн колдонулат.

Мына балдар, учурда бетти таануу системалары жана ирис сканерлөө системалары аркылуу жасалган телефондор, камералар жана атайын кирүү эшиктерин жасап чыккан устасы же инженери болот да, адамдын кемчиликсиз жүзүнүн, кереметтүү көзүнүн ээси же жаратуучусу болбойт бекен?! Муну кайсы бир акыл кабыл алабы? Төрөлө элек бир адамга жер жүзүндөгү сегиз миллиард адамдан башка өзгөчөлүктөрдү берүү, чексиз жаратуу илимине ээ болгон Заттын бар болушу менен гана мүмкүн болот. Бул абал Аллахтын жалгыздыгынын далили, ошондой эле Аллахтын жаратуучу катары бүт ааламга өкүмдар экенинин да далили болуп эсептелет.

## Ааламга бир бүтүндүк катары кароо

Насип:

- Агай, Раббибиздин ааламды ар дайым башкарып жатканы мени абдан кызыктырат. Бир аз кененирээк айтып берсеңиз?

- Насип, бул чынында эле маанилүү маселе, - деп сөзүн баштады Жусуп агай. - Ааламдын бардыгын бир көз ирмемге да таштабай көзөмөлдөп, башкарып турган Раббибиз бар. Ааламга бир бүтүндүк катары караганыбызда муну көрөбүз. Ааламдагы чоң-кичине бардык нерсе бир гана максатты көздөй жылат. Алар жалпы максатты орундатуу үчүн аракет кылышат. Аң-сезимсиз заттардын аң-сезимдүү кызматтарды аткарышы субстанция менен бирге маанини да эске алууну талап кылат. Бул заттарды бир максаттын айланасында чогултуп, милдеттерин аткарууга ким мажбурлайт? Мисалы, булуттар өсүмдүктөргө жардамга келишет. Күн жашоого себеп болуу үчүн бардык жандыктарга жардамга келет. Өсүмдүктөр жаныбарларга жардамга келишет. Мунун баарын биз көрүп жатабыз. Бирок бул жерде абдан кызыктуу жагдай бар. Башкача айтканда, биз айткан бул заттардын баары бири-бирин билбейт, бири-бирин таанбайт. Бирок ар дайым бири-биринин муктаждыктарын убагында камсыздап турат. Демек, ааламдагы бардык заттарды ар дайым угуп, муктаждыктарын канааттандыруучу Аллах бар. Бул заттардын баарын бири-бирине тыгыз байланыштырып, ар биринин өз милдеттерин аткартып, бири-бирине жардамга шаштырган – Аллах. Бул маселе боюнча Өмүр агадан дагы бир мисал айтып берүүсүн сурансак болот.

Өмүр ага Аппаккарды сылап:

- Аалам маселесин, чындыгында, жакшы түшүндүрдүңүз. Мага абдан таасир эткен бир мисалды сиздер менен бөлүшөйүн. Жандыктардын жашоосу үчүн эң керектүү зат бул кычкылтек, туурабы? – деп сөзүн суроо менен баштады.






- Ооба, кычкылтек болбосо дем ала албайбыз да. А дем албасак, жашоо да жок болот, - деп жооп берди Насип.

- Кычкылтекти биз төрөлгөндөн баштап эле эч кандай издебей дароо эле табабыз, туурабы?

Окуучулар жабыла: “Туура, Өмүр ага”, - деп жооп беришти.

- Адам баласы гана эмес, бүткүл жандыктар да ошентет...




Ошол маалда Аппаккар: “Мен да бул жердемин, мени унутпа!” дегендей акырын мыяулап койду.

Өмүр ага жылмайып койду да, сөзүн улады: “Мисалы, Аппаккар сыяктуу бардык мышыктар туулганда эле кычкылтекке муктаж. Бизге издетип убара кылдырбай эле, кычкылтектин мурдубузга бекер жеткирилиши кокустан болушу мүмкүнбү? Анан дагы бир маанилүү илимий жактан далилденген жагдай бар. Окумуштуулар айткандай, биз дем алган абанын 78% азот, 21% кычкылтек. Бул

пропорция жашообузду улантуу үчүн абдан маанилүү. Эгер толугу менен кычкылтектен турган аба менен дем алсак, бул акырындык менен өлүшүбүзгө себеп болмок.

Анткени таза кычкылтек клеткаларыбызга зыян келтирет. Жерде тирүү жан калмак эмес. Эми ойлоп көргүлөчү, жашоого мынчалык пайдалуу атмосфералык газдарды жана алардын пропорцияларын адамды таанымаган жансыз, аң-сезимсиз заттар жасай алабы? Кычкылтектин бар болушу адамзаттын дөңгөлөк жана кесүүчү шаймандарды ойлоп табуусунан да маанилүү.

Мына буга да жакшылап көңүл бургула! Жашоо үчүн эң негизги муктаждыгыбыз болгон кычкылтекти дарактарга, айрыкча деңиздер менен океандардагы балырларга өндүрүп чыгарттырган ким? Бул материалдык нерселердин артында адамдарды сүйгөн, аларга ырайым кылган, ар дайым адамдардын муктаждыктарын канааттандырган Раббибиз бар. Ошентип, Раббибиз деңиз жана океандардагы балырларды жер бетинде колдонулган кычкылтектин болжол менен 70-80% ын өндүрүп чыгаруучу кылган. Калган бөлүгү өсүмдүктөр аркылуу өндүрүлөт. Демек, балырлар жер бетиндеги жашоо үчүн зарыл. Ааламга бүтүндөй карай турган болсок, бардык жандыктардын бир максат үчүн аракетке келтирилгенин көрөбүз. Ошентип, бүткүл жаратылган заттарды бир максаттын айланасында бириктирген Раббибизди таанып баштайбыз.

Райхан кызыгып сурап калды:


- Өмүр ага, Аллах эч кандай жардамчысы жок ушунча ишти кантип жасайт?

- Кызым, - деди Өмүр ага Райханды карап. - Абдан жакшы суроо бердиң. Балдар, биз адамдар, алсыздыгыбыз, билимсиздигибиз жана мүмкүнчүлүгүбүздүн чектелүү болгонунан улам башкалардын жардамына жана колдоосуна муктажбыз. Бирок чексиз кудуреттүү жана илимдүү Аллах андай эмес. Аллах Таала Өзү жараткан






макулуктарга эч кандай окшобойт. Эч нерсеге муктаж эмес. Анткени жандуу жана жансыздын баарын жараткан. Бул ааламдагы бардык нерсе Аллах жараткан үчүн бар. Бүткүл жандыктар Аллахтын каалоосу менен жашоосун улантышууда. Бардык нерсенин Жаратуучусу болгон Аллах Өзү жараткан макулуктарга муктажбы? Албетте, жок. Раббибиздин кудурети чексиз болгондуктан, башка бирөөнүн жардамына муктаж эмес. Анын байлыгы чексиз болгондуктан, анын башка бирөөгө көз каранды болушу да мүмкүн эмес.



Менин акылдууларым! Мен бул маселени силерге бир кызыктуу мисал аркылуу түшүндүргүм келет. Мисалы, асмандагы Күнүбүз бирөө. Бирок анын жарык нурлары чагылуу өзгөчөлүгүнө ээ болгондуктан, жер бетиндеги бардык жаркыраган күзгүлөрдөн, суу тамчыларынан жана деңиз беттеринен чагылат. Күн ушул сыяктуу ар кандай жаркыраган нерселердин ичине кирип, аларды жылытып, жарык кылат. Жарык нурларынын бир заттын ичине кирүүсү, анын башка заттардын да ичине киришине тоскоол болбойт. Ошол бардык заттын ичинде Күндүн нурлары, жылуулугу, жаркыраган элесинин чагылдырылышы дагы болот. Башкача айтканда, бир эле учурда дүйнөнүн

көптөгөн жерлеринде мындай ишти оңой эле аткара алат. Болгондо да, бул иштерди кылып жатканда, ал башка бир Күнгө муктаж болбойт. Көрүнүп тургандай, Раббибиз жараткан Күн да бир эле убакта дүйнөнүн жарымына жарык берип, жылыта алат. Бул мисалда көрүнгөндөй, Улуу Аллах Тааланын бир эле убакта сансыз ар башка иштерди кылуусуна тоскоол болбойт. Жалгыз болгон Раббибиз бардык жерде бирдей жеңилдик менен бүт иштерди жасайт жана эч кимге жана эч нерсеге муктаж болбойт. Бир эле учурда жердин бир четиндеги дарактын да, деңиздердин тереңиндеги балыктын да ырыскысын камсыздайт, ошондой эле космостогу галактикаларды бир тартип менен ырааттуулукта айлантkandай, атомдорду бирдей эле тартипте ырааттуу айлануусун камсыз кылат.

- Өмүр ага, сизге чоң рахмат. Көптөн бери жообун издеп жүргөн суроону мисалдар менен аябай жакшы түшүндүрүп бердиңиз, - деп кубанганын жашырбады Райхан.







Ошентип окуучулардын китеп дүкөнүнө барган бул күнү абдан жемиштүү болду.

Эртеси күнү биринчи сабак баштала электе сөз бергениндей эле Жусуп агай класска кирип келди. Окуучулар сабырсыздык менен күтүп жатышкан эле.

Алихан:

- Агай, баарыбыз сиздин жаңылыгыңызды угабыз деп сабырыбыз түгөнүп олтурат, - деди.

- Биздин эле класс үчүн айта турган жаңылыгыңыз эмне эле? – деп чыдабай Райхан да сурап жиберди.

- Агай, а менин болсо ата-энем дагы аябай кызыгып калышты. Чоң апама айттым эле, жада калса, чоң апам дагы ал жаңылыкты чыдамсыздык менен күтүп жатат, - деди Кадыр.

Жусуп агай класстын тынчтанышын күтүп турду да:

- Баарыңарга кутман күн каалайм, достор! Ушул дем алыш күндөрү Стамбул Ислам жана илим университетинде орто мектеп окуучулары үчүн конференция болот. Класс жетекчиңер катары мен ал иш-чарага силердин дагы катышууңарды каалайт элем. Албетте, эгер силер макул десеңер, - деди.

Класс күтүлбөгөн жерден жандана түштү. Окуучулар кубанганынан абдан толкунданып чыгышты. Класс башчысы Саид: “Жакшы болот агай, биз бул сунушуңузду кубануу менен кабыл алабыз, туурабы, балдар?” – дегенде, бүткүл класс “Албетте, барабыз”, - дешти.

- Тынчтангыла, достор, башка класстагыларга жолтоо болбойлу! – деп аларды агай тынчтандырды.

- Конференция кайсы темада болот, агай? – деп Адил сурап калды.

- Конференциянын темасы: “Илим Аллахты түшүндүрөт”, - деди Жусуп агай. - Бул конференцияга катышууну баарыңарга сунуштайм. Мына, достор, ыйманыбызды

бекемдөө үчүн жакшы мүмкүнчүлүк. Ыйман тууралуу маалыматыбызды көтөрө турган конференция мүмкүнчүлүгү. Бул конференцияда көптөгөн ар түрдүү дисциплиналардагы академиктер орто мектеп окуучулары үчүн кыскача баяндамаларды жасашат. Жараткан Аллахты жашоодогу мисалдар аркылуу тааныштырышат.

Окуучулар абдан кубанышты. Кантип кубанышпай койсун... Дем алыш күндөрүн сүйүктүү мугалими менен өткөргөн кандай сонун. Анын үстүнө, класстагылардын ичинен университеттин кампусуна кире элек окуучулар дагы аз эмес эле. Ошентип баары бир оздон "Катышабыз" деп макулдугун беришип, Жусуп агайдын сунушун кабыл алышты. Ишемби күнү Үскүдар пристанында жолугуп, унаа ташуучу кеме аркылуу каршы өйүзгө өтүп, андан соң университетке баруу үчүн ижарага алган микроавтобус менен жолго чыгышмак болушту.

## Университетке саякат

Конференция боло турган күн да келип калды. Аба ырайы сонун болуп турду. Ата-энелер балдарын жолугушуучу жерге алып келип, алгач Аллахка, андан соң Жусуп агайына аманат кылып тапшырышты. Окуучулар мектеп формасын эмес, өздөрү каалаган кийимдерди кийип келишти. Жусуп агай болсо ак көйнөк жана костюм шым кийип жүрдү. Класс башчысы Саид тизмени акыркы жолу текшерип: "Тизме толук болду, агай! - деди. - Он жети окуучунун баары чогулдук, жолго чыгууга даярбыз!"

Алар паромго түшүү үчүн акы төлөөчү жайды көздөй басышты. Алар унаа ташуучу кемеге түштү да, анын эң жогорку кабатына чыгышты. Ал жерден деңизди, улам алыстап бараткан жээкти жана булуттар каалгып учуп бараткан асманды суктана карап жатышты. Деңиз абдан тынч болчу. Деңиз бетине тийип, андан чагылган Күндүн нурлары кереметтүү көрүнүп жатты. Бир жагынан жылуу





шамал согуп, чачтарын сылап өтүп жатты. Алар менен учурашкандай ак чардактар да жарыша учуп, окуучулардын жанына чейин келип жатты. Ал жерде өз иши менен алек болгон симит сатуучу тынымсыз "Сими-ит, симитчиии!" - деп кыйкырып жатты. Балдар симитчиден симит сатып алып, колу менен туурап, чардактарга ыргыта башташты. Чардактар таң калыштуу чеберчилик менен ал нандын бөлүктөрүн төмөндөгү сууга түшүрбөй дароо илип кетип жатышты. Окуучулар менен биргеликте ал жердеги айрым жүргүнчүлөр чардактардын кайкып учканына жана асманда калкып туруп калганына суктана карап жатышты.

Жусуп агай ыргыта турган симиттери калбай калган окуучуларга мындай деди:

- Достор, чардактар абада кантип учарын ойлондуңар беле?

- Мен бул жөнүндө эч качан ойлогон эмесмин, - деди Алихан, - бирок мен үчүн кызык.

- Кызыкканың эң жакшы, Алихан. Анткени кызыгуу бардык илимдердин мугалими. Балдар! Кызыгуу адамдарды суроо берүүгө жана изилдөөгө алып келет. Биз таң калып, суроо берген сайын жандыктарга жана аларды жараткан Раббибизге болгон суктануу сезимибиз күчөйт.

Биз жаңы көргөн адам менен таанышуу үчүн суроолорду беребиз, туурабы? Ал адамды канчалык жакшы тааный баштасак, ошончолук жакшы көрө баштайбыз. Анын сыңарындай, биз Раббибизди таанып-билүү үчүн кээ бир суроолорду беришибиз керек. Аллах жараткан макулуктар жөнүндө ойлонушубуз керек, изилдөө жүргүзүшүбүз керек.

Мисалы, азыр силерге бир суроо берип көрөлүчү... Адамдар эң биринчи учакты качан жасап, качан учкан?

Учакка жана авиацияга кызыккан Насип сөз алды.

- Агай, жаңылбасам, бир тууган Райттар 1900-жылдардын башында жасаган пропеллердик учак менен учууга жетишкен.




- Азаматсың, Насип, эң туура! Биз, адам катары, 1903-жылы самолёт менен учууга жетиштик. Башкача айтканда, мындан жүз жыл мурун. Бирок бир тууган Райттардын биринчи учуусу 12 секундага гана созулган. Канаттуулар, чымындар, аарылар болсо кылымдар бою учуп келишет. Ушул жерден мен “Канаттуулар кантип учат?” деп кызыгып жатам. “Аларды абада ким кармап турат? Канаттуулар адам баласы бир нече кылым мурун гана ачкан учуу мыйзамдарын кайдан билишет? Алар кулап түшпөй, башы айланып калбай кантип уча алышат? Алар бул өнөргө эч кандай машыгуусуз кантип ээ болушкан?

Алихан бир аз тамаша сөзгө салып: “Агай, кечиресиз, бирок кээ бирөөлөр канаттууларды “мээси аябай кичинекей” деп коюшат го”, - деди.

Жусуап агай:

- Ооба, ошентип айткандар бар. Бирок ошол кээ бирөөлөр “мээси кичинекей” деп баалабаган бул куштар кантип жер жүзүндөгү эң акылдуу жандыктардын бири болгон да, адамдардан миңдеген жылдар мурун уча алышкан? Биз, “адамдын мээсине” ээ болуп туруп, ушул суроонун үстүндө ой жүгүртүшүбүз керек эмеспи? Мисалы, келгин куштар өлкөбүзгө жыл сайын учуп келишет. Ал тургай, биздин мектептин чатырына көптөн бери уялап келе жаткан илек





илектерди да билесиңер. Бул канаттуулар жыл сайын Африканын ортосунан учуп чыгып, миңдеген километр аралыкты басып өтүп, кантип биздин өлкөнү, өз уясын таап келишет? Алар кантип компасы же навигациялык аппараты жок туруп, бара турган жерин адашпай табышат? Ошондо компастарды жана навигация түзүлүштөрүн ойлоп тапкандар адамдарбы же куштарбы?

Бул суроодон кийин окуучуларды бир сыйра кыдырата карап алган Жусуп агай сөзүн мындай улантты.

- Кымбаттуу достор! Раббибиз, канаттууларды учууга, балыктарды сууда сүзүүгө ылайыктап жаратkan. Ал эми бизди, адамдарды, ааламга жана ааламдагы бардык жаратылган кереметтерге ой жүгүртө ала тургандай кылып жараткан. Ушул себептен улам бизге жаныбарларга бербеген жогорку акыл жана сезимдерди берген”.

Паром акырындык менен пристанга жакындап келе жатты. Бардык жүргүнчүлөр түшүүчү тепкичти көздөй баса башташты. Ошол маалда паромду ээрчиген чардактар ыраазычылык билдиргиси келгендей айланып учуп жүрүштү.

## Эрежелер – ошол эрежелерди жараткан Заттын бар экендигинин далили

Паромдон түшкөндө окуучулар кайрадан чогулушту. Ар ким жанындагы досун карады. Класс толук болду. Пристандан анча алыс эмес жерде ак кичи автобус көрүндү.

Жусуп агай:

- Тигил ак автобуска чейин жарышып чуркоону каалайсыңарбы? – деди.

Ансыз да энергиясын каяка короторун билбей турган балдар дароо эле “Ооба агай” дешти.

- Кеттик анда, ал автобуска кол тийгизген биринчи кыз менен балага шоколад белек кылам, - деди агай.

Жарыш башталды. Алар эки жүз элүү метрдей чуркашты. Ушул жерде бир кызык жагдай жаралды. Таң калычтуу! Мындай жарыштарда ар дайым биринчи болуп жүргөн Алихан чуркабай, рюкзагынан бир нерсе алып чыгып жатты. Анысы эмне эле? Оо, Кудайым, Алихан ролик бут кийимин ала келген тура! Ал тез эле анысын кийип, жарышка кошулду.

Окуучулар биринен-бири өтүп чуркап баратышты. Жарышта атаандаштык күчтүү болду. Балдар арасында Саид, кыздардан Айша алдыда болчу. Алихан ролик бут кийими менен аларга бир топ жакындап келди. Бирок акыркы элүү метрде Ибрахим менен Райхан алдыга узап чыгып, кичи автобуска биринчи кол тийгизишти. Алихан кичи автобуска Саид менен бир убакта келди. Саид бул абалга абдан таң калды. Жусуп агай бир аз кечигип келип: "Силер шамалдай ылдам экенсиңер! – деди. - Бирок Алихан, сенин кол тийгизгениңди эсепке албайбыз, анткени сен эрежени сактабадың".




- Туура айтасыз агай, эреже баарыбыз үчүн бар, эрежеге баш ийишибиз керек, - деп балдар кыздар чурулдап жиберишти.

Жусуп агай чөнтөгүнөн мурда даярдап койгон эки шоколадын алып чыкты. Жарыштын жеңүүчүлөрү Райхан менен Ибрахимге белек кылды.

Балдар бир аз чарчап калышты, бирок жарыш да жакшы болду. Белегин алган Ибрахим сүйүнүп, бир аз деми кысыла:

- Агай, шоколад таттуу, бирок сиздин колуңуздан белек алуу андан дагы ырахаттуу, - деп тамшанып алды.





- Агай, Ибрахим өткөн сабакты жакшы өздөштүрүп алган экен. Белекти карап эмес, белекке карап сөз айтып жатат, - деди Асан маанилүү жагдайды көз жаздымда калтырбай.

- Экөөң тең туура айтасың, - деп аларды кубаттап койду Жусуп агай. - Үйрөнгөндөрүңөрдү күнүмдүк жашоодо колдонуу кандай сонун. Жолубуз узак, автобуста ушул жөнүндө сүйлөшөлү.

Дагы бир жолу окуучуларды толуктап алгандан кийин автобустун эшиги жабылып, университет тарапка жол тартты. Жусуп агай автобустун айдоочусунан уруксат сурап, унаадагы микрофонду алып:

— Достор, сапарыңар байсалдуу болсун! Жолду катар кырк мүнөттөй убактыбыз бар. Жол кыймылында тыгын болбосо, өз убагында жетебиз деген үмүттөбүз. Келгиле, дуба кылалы! Билесиңер, Стамбулдун жол кыймылы күтүлбөгөн окуяларга бай.

Алихан арткы орундардын биринен:

- Агай, шоколад белегин сүйлөшөлү деген элеңиз, - деп үн салды.

– Макул балдар, сүйлөшөлү. Келгиле, баарыбыз бир убакыт туннели аркылуу өтүп, биздин мектепти курган Султан Абдулхамид ханды зыярат кылалы. Султан ар бирибизге атыбыз жазылган кооз калемден белек кылса сүйүнөсүңөрбү?

- Ким сүйүнбөсүн, агай? Албетте, бактылуу болот болчубуз, -деди Алихан.

- Калем алганыңарга көбүрөөк сүйүнөсүңөрбү же ошол калемди падышанын колунан белек катары алганыңаргабы?

- Агай, падышанын колунан алганыбыз үчүн көбүрөөк сүйүнөбүз, - деди Райхан.

- Туура, калемди алуу бир кубантса, аны падышанын колунан алуу адамды жүз эсе ашыкча кубантат. Падышанын силерге белек бериши силерди жакшы көргөндүгү жана силерди баалагандыгынын белгиси болуп саналат.

Мына ушундай, балдар, Раббибизден келген нэматтар да ушундай болот. Мисалы, апельсинди жеген кезде, биз анын материалдык даамын сезебиз. Бирок ал апельсиндин Аллах тарабынан бизге белек катары берилгендигин ойлогон болсок, анын даамы бирден жүз эсеге чейин артат. Бизге баа берген, мээрим төккөн Раббибиз биздин муктаждыктарыбызды камсыздап жатат деп ойлонуунун өзү бизди Жаратканыбызга жакындаштырат.

Сапар жагымдуу маектер менен улана берди. Жолдо ыңгайлуу жерден күйүүчү май сатып алышты. Унаалар бирде тыгын болуп, бирде суудай агып жатты. Алардын алдынан катуу ылдамдыкта келе жаткан бир кичи автобус жол эрежесине каршы келген аракеттерди жасап, жол кыймылындагы башка унааларга да коркунуч жаратып жатты. Тилекке каршы, ошол кичи автобус бир аз алды жактан жол кырсыгына учурады. Ошондон улам жол кыймылы токтоп калды. Айдоочулар чыгып, өз ара талаша башташты. Ортодогу чыңалган абал кандайдыр бир кийлигишүүнү талап кылып турду.

Жусуп агай автобустун айдоочусу менен сыртка чыгып, абалды жөнгө салууга аракет кылып жатты. Алардан чырды токтотуп, жолго коопсуздук белгилерин коюуну суранып, МАИ кызматкерлерин чакырды. Мындай жерлерде коопсуздук белгилери абдан маанилүү. Анткени, Кудай сактасын, башка унаалар келип, токтоп турган унааларды сүзүп алышы мүмкүн.

Айдоочулар бир аз тынчып, Жусуп агайдын айтканын кылышты. Кырсык болгон унаада кичинекей бала бар экен. Ал коркконунан ыйлап жатты. Айдоочулар баланы сооротушуп, апасына да жакшы сөздөрүн айтып жатышты. Окуучулар болсо автобустун ичинен сыртта эмне болуп жатканын карап турушту.

Райхан автобустун терезесин ачып:

- Агай, мен жарышта утуп алган шоколадымды жеген жокмун. Аны кичинекей балага белек кылсам болобу?





- Албетте болот, - деп Райхандын оюн агай да колдоду. – Мен ага берип көрөйүн.

Ыйлап жаткан бала шоколадды алды. Апасы анын сыртын аарчып, баласына жегизди. Бир аз да болсо бала күлүп калды.

Кырсыкка себеп болгон кичи автобустун айдоочусу чынында эле туура эмес кылган эле, анысын мойнуна алып жатты.

Ошентип, окуучуларды салган автобус кайрадан жолго чыкты. Бул жолу жолдогу унаалардын көптүгүнө карабай тыгын болгон жок, акырындап алдыга кете беришти.

- Балдар, көрдүңөрбү, шашкалактоо, жоопкерчиликсиздик кандай натыйжаларга алып барат, - деди Жусуп агай. – Аллах сактады. Мындан дагы жаман кырсык болушу мүмкүн эле.

Автобустун айдоочусу:

- Агай, түшүп аларга жардам бергенибиз жакшы болду. Болбосо алар талашып тартыша берсе, натыйжасы да жаман болот болчу, - деди.

Айдоочу мырза, биз мусулманбыз. Бул биздин милдетибиз. Биз коомдун кыйынчылыктарына жана көйгөйлөрүнө кайдыгер карай албайбыз. Кыйынчылыкты көргөндө колубуз менен да, тилибиз менен да жардам бергенге аракет кылабыз. Колубуздан эч нерсе келбесе, алар үчүн дуба кылабыз. Айрым бир жерден өрт чыгат, бир стакан суу менен өчүрсө болот. Бирок, адамдар буга биздин тиешебиз жок деп ойлоп, кайдыгер караса, убагында өчүрүүгө аракет кылбаса, ал өрт улам күчөп, алардын баарына чоң зыян берген кырсыкка айланышы мүмкүн, - деди Жусуп агай.

Жолдогу унаалардын саны бир аз да болсо азайганда, унаалардын ылдамдыгы дагы бир топ артты. Эми автобуз өз ылдамдыгын кармап жакшы баратты.

Айнур мугалимине акырын кайрыла:

- Агай, буга чейин жолдогу окуядан улам айта албадым. Апам жолдо жеп алгыла деп таттуу локум берип жиберген

эле. Муну сизге жана менин досторума тарата аламбы? – деп сурады.

– Албетте, Айнур. Эмне үчүн болбосун? – деди. - Билесиңби, “таттуудан жеп, таттуу сүйлөшөлү” деген ата-бабаларыбыз. Жогоруда болуп өткөн жагымсыз окуядан кийин бул таттуу биз үчүн кайра жакшы болот.

Айнур сумкасынан эки чоң пакеттеги таттууларын алып чыкты. Бирөөнү автобустун арт жагында отурган балдарга сунду. Экинчисин алдыңкы катардагы кыздар менен айдоочу тарапта отургандар жей турган болушту.

Арткы жагына берилген пакетти ачкан Алихан:

- Оо, кудай, бул жерде чыныгы казына бар турбайбы, агай, - деди ал кубанычын жашырбай.

Чынында эле чоң пакетте каймак, роза, жаңгак жана мисте менен аралаштырылып жасалган түрк локуму тизилген казына көрүндү. Окуучулардын баары Айнур менен апасына ыраазычылыктарын айтышып, пакеттердеги түрк таттууларын ырахаттануу менен жей баштады. Жусуп агай да Айнурга жана үй-бүлөсүнө ыраазычылык билдирди. Андан кийин кайрадан микрофонду алып, ой жүгүртүүнүн жаңы эшигин ачты.

- Балдар, бир аз мурун эле кырсыкка кабылган унааларды көрдүк. Бирок, жол кыймылындагы ар бир унаанын айдоочусу бар. Акылдуу адамдар бул унааларды белгилүү бир окуудан өткөндөн кийин колдоно алышат. Он сегиз жашка чыга электерге жана айдоочулук сынагынан ийгиликтүү өтө албагандарга айдоочулук күбөлүк берилбейт. Жол эрежеси аныкталып, бардык жерде жол белгилери, жол чырактар орнотулган. Биздин милиция кызматкерлер тынымсыз текшерүү жана көзөмөлдөө аракеттерин көрүүдө. Милиция жок жерде электрондук камера системасы бар. Мындай алдын алуу чаралары көрүлгөнү менен кырсыктар дагы эле болуп жатат. Алардын бирине биз да күбө болдук”.

- Агай, биздин өлкөдө жол эрежеси бардык жерде бирдейби? – деп сурап калды Ахмет.





- Ооба Ахмет, биздин өлкөдө жол эрежеси бардык жерде бирдей. Өлкөбүздүн бардык аймагында колдонулуп жаткан жол эрежелери булардын баарын көзөмөлдөп турган мамлекетибиздин бар экенин, бирдиктүү бир мамлекет экенин көрсөтүп турат. Анткени, кайсы жерде тартипти сактаган эреже болсо, ошол эрежелерди ишке ашырган бирөө бар экендигин билдирет. Эч кандай эрежелер же мыйзамдар өзүнөн-өзү пайда болбойт. Эгер эреже бардык жерде бирдей тартипте иштесе, анда ал эрежелердин баары бир булактан келип чыкканын көрсөтөт.

Эми ойлонуп көрөлү! Жылдыздар, планеталар жана космосто саякаттап жүргөн планеталардын спутниктери белгилүү бир эреже жана мыйзам боюнча кыймылдайт. Асман телолору баш ийген бул эрежелерди жана мыйзамдарды ким жараткан? Бул табигый мыйзамдарды ачкан илимпоздорго илим сыйлыктары берилип жатканда, ал мыйзамдарды чыгарган жана бардык жерде бирдей тартипте ишке ашырган ким экендигин ойлонушубуз керек эмеспи?

Асман телолору бири-бирине урунбастан кантип ырааттуу, белгилүү бир тартипке баш ийүү менен кыймылга келип жатат? Алардын жолдорун ким аныктайт? Же алардын айдоочусу барбы?

- Агай, планеталар менен жылдыздардын айдоочусу болушу мүмкүн эмес да! – деп ордунан тура калды Асан.

- Туура айтасың Асан, бул асман телолору кимдин күчү жана илими менен үзгүлтүксүз кыймылдашат? Бул эбегейсиз, жансыз, акылы да, айдоочусу да жок массалары, ылдамдыктары, өлчөмдөрү ар башка, орбиталары жана айлануу багыттары бири-биринен айырмаланган болсо да, кантип бири-бирине урунуп калбай ырааттуу айланып жатышат? Бул суктанарлык да, таң каларлык да эмеспи?

- Агай, азыр жасалма интеллект менен кыймылдаган айдоочусу жок унаалар, учкучсуз учуучу аппараттар, жада калса поезддер да бар эмеспи, - деди Саид.

- Туура айтасың, Саид! Адам башкарбаган унааларды жабдууну пландаштырган адистер жокпу?

- Кантип эле жок болсун, агай?

- Жүз миңдеген сап коддорду жазган инженерлер барбы?

- Бар.

- Ал унааларды өз милдеттерине ылайык башкарып турган инженерлер барбы?

- Алар да бар, агай.

- Кымбаттуу менин окуучуларым! Мындай эң алдыңкы жетишкен технологиялар дүйнөдө бир канча өлкөдө гана бар. Башкача айтканда, бул адам баласынын жаңыдан гана ачып, өздөштүрүп жаткан технология болуп саналат. Ал эми ааламды кыдырып учуп жүргөн планеталар да ушундайбы? Алар космос мейкиндигинде эч кандай инженери болбосо да акылдуу интеллект жасаган нерсени канчалаган кылымдан бери өз алдынча ишке ашырып келатат. Эч кандай акыл-ээси, интеллекти болбой туруп акылга сыйбагандай тактык менен өз огунда айланып келишет.

Мындай сөздөн кийин космос тууралуу маалыматтарга кызыгып жүргөн Кадыр колун көтөрүп:

- Туура айтасыз, агай, космостук мейкиндикти жана андагы планеталарды, жылдыздарды изилдешибиз керек. Бул боюнча мени абдан кызыктырган бир маселе бар, айтсам болобу? – деди.







Жусуп агай:

- Кел бул жакка, окуучулардын баары сени жакшылап угушу үчүн микрофонду алып сүйлө, - деп, микрофонду ага сунду.

- Агай, бир аз мурун машинабызга күйүүчү май алдык. Бул күйүүчү май менен белгилүү бир убакытка чейин жол жүрөбүз. Ал түгөнгөндөн кийин айдоочу дагы бир жерге токтоп, унаанын май куйган багын толтурат. Мында мага өтө таасир калтырган эки жагдай бар. Биринчиси, сиз айткан асман телолору ушунча мезгилден бери кантип күйүүчү майы түгөнбөй кыймылдап учуп жүрө беришет? Экинчиси, бул объектилер кантип бири-бирине зыян келтирбестен өз орбиталары менен жүрөт? Буга таң калбай коюу мүмкүн эмес.

Жусуп агай башын ийкеп, Кадырдын айткандыгын кубаттады.

## Ислам жана илим университети

Ошентип окуучулар университетке келишти. Алар окуу жайдын көчөгө карай ачылган кооз дарбазасынын алдынан өтүштү. Университеттин аймагына киргенден кийин окуучулар айлана-чөйрөгө кылдаттык менен карай башташты. Кампуста абдан чоң имараттар бар эле. Айнек менен капталган чоң имараттар, кенен жашыл аянтчалар, факультеттерге алып баруучу кенен жолдор... Айрыкча, окуу жайда окуган студенттер... Бул жер башталгыч мектепке да, орто мектепке да окшошпой турду.

Алар багыт белгилерин ээрчип, конференция өтө турган залды көздөй жөнөштү. Бул жыйындар залы китепканага жанаша жайгашкан экен. Класстагы эң көп китеп окуган окуучулардын бири болгон Айша бул китепканага алыстан болсо да абдан суктанып жатты. Анткени ал кампустагы имараттардын ичинен эң коозу болчу. Көптөгөн терезелери, эки кабаттуу жана караган кишиге дароо байкалган, горизонталдуу багытта созулган түзүлүшкө ээ эле. Ичи кандай болду экен деп айта турганчалык укмуштуудай архитектуралык түзүлүштө эле.




Китепкананын кире бериш эшигин таң калып карап турган Айша капысынан бир өзгөчөлүктү байкады. Китепкананын кире беришинде ыйык китебибиздин биринчи буйругу болгон: "Жаратуучу Раббиңдин аты менен оку![1]" деген жазуу жазылып туруптур.

- Агай, бир суроо сурасам болобу? – деди Айша.

- Албетте, сурасаң болот! – деди Жусуп агай мээрим төгө.

- Китепкананын кире беришинде жазылган бул аятты кандай түшүнүшүбүз керек? Кызыгып жатам да…

- Азаматсың, Айша. Туура байкадың. Бул суроого бүгүнкү программадан жооп алабыз деп ишенем. Азыр программага өтө аз убакыт калды. Кааласаң, бул суроонун жообун программага калтыралы!

Программа саат 10:00дө башталмак. Конференция боло турган зал акырындап толуп жатты. Зал чынында эле кооз экен. Жарыктандыруусу жана желдетүү системасы да мыкты жасалган. Абдан кенен сахнасы жана подиум ар бир отургучтан абдан ыңгайлуу көрүнөт экен. Эч ким эч кимге

1 Алак сүрөсүнүн 1-аяты





тоскоол болбой, бири-биринин алдын тоспой тургандай ылайыкташтырылып жасалган экен.

Окуучулар өз ара сүйлөшүп жатышты. Бирөөсү "Керемет!" десе, дагы бирөөсү "Эң сонун зал!" деп тамшанып жатты.

- Агай, бул жерге келгенибиз жакшы болгон турбайбы. Бул эмне болгон жер? – деп сурады Алихан

Жусуп агай:

- Күтө тур, Алихан, программа баштала элек, айта турган негизги оюңду программадан кийин угалы, - деди.

Залга башка мектептерден келген окуучулар да кирип жатышты. Жусуп агай ал жердеги кээ бир уюштуруучулар менен кол алышып сүйлөшүп жатты. Андан кийин агай менен бирге окуучулардын баары алар үчүн бөлүнгөн экинчи катарга отурушту. Программа башталарына аз убакыт калды. Үн берүүчү системаларды тууралап, залдын тартибин камсыз кылуу үчүн дагы бир аз күтүштү.

Ошентип, программанын алып баруучусу сахнага чыкты. Баары толкундануу менен күтүп жатышты.

Алып баруучу сөздү "Бисмиллях" менен баштап, кириш сөзүн сүйлөдү. Программа Куран окуу менен башталды. Куранды окуган адам эң кооз Куран окуу жарышында биринчи орунду алган хафыз жигит эле. Ал "Исра" сүрөсүнөн жыйындын маанисине ылайыктуу бир бөлүмүн окуп жаткан. Анын окуган бөлүмүнүн арабча, түркчө жана англисче маанилери да сахнадагы чоң экранда чагылдырылып жатты. Ошол учурда экранда: **"Аны (Аллахты) жети асман жана жер, алардагынын бүт баарысы даңкташат. Аны аруулап, мактабай турган эч нерсе жок. Бирок силер алардын мактоолорун түшүнө албайсыңар"[1]** деген аяттын мааниси жазылып турду. Бул аят отургандардын баарынын көңүлүн бурду. Аятта бардык макулуктар Раббибизди мактоо жана тасбих менен эстеп турушары тууралуу айтылган.

1 Исра сүрөсү, 44-аят

## Ислам менен илимдин ортосунда бүтүндүк бар

Андан соң мамлекеттик гимн ырдалып, конференциянын ачылыш сөзү башталды. Ачылыш сөзүн университеттин ректору алып, бардык конокторго “Кош келиңиздер!” деп баштады. Андан соң:





“Кымбаттуу жаштар! Менин балалыгым Чукуровада өттү. Кана, айткылачы, Чукуровада эң көп эмне өстүрүлөт?”, - дегенде, залда “пахта” деген үн жаңырды. Ректор сөзүн улантты: “Ооба, туура таптыңар - пахта.

Кичинекей кезимде ойлочумун: “Кара топурактан жумшак, назик, таптаза ак кебез кантип чыгат? Кызык, жөнөкөй топурактан ошол таза ак пахтаны жасап чыгара турган анын ичинде эмне бар болду экен? Жерде боёк заводу барбы? Кантип ошол бопбоз, катуу топурактан апапак, ичке пахта жипчелери чыгат?” Бул жагдай мени таң калтырчу. Белгилүү болгондой, кездеменин сырьёсу пахта болуп саналат. Пахтаны өстүрүп чыгарган топурак ал пахтадан кездеме, көйнөк тигилерин билет бекен? Мындан тышкары, пахтанын уругунан тамак-аш майы да жасалат. Апаларыбыз ашканада колдонгон кадимки эле пахта майы. Ошондо жердин астында май заводу барбы?







Ден соолукка абдан пайдалуу пахта майын даярдоону топурак кайдан үйрөнгөн? Топурак ден соолук эмне экенин биле алабы?”

Мына ушундай суроолордун тегерегинде көп ойлончумун... Пахтаны жаратуу үчүн топурак, суу, аба, Күн бирдей аракетке келүүсү керек. Кичинекей кезимде ошол балалык акылым менен: “Кызык, алар бири-бири менен сүйлөшүп алышабы? Алар жалпы максатка жетүү үчүн кантип бири-бири менен макулдашышат болду экен?” деп ойлончумун. Андан кийин: “Бирок андай болуп сүйлөшүп ала тургандай аларда акыл да, аң-сезим да жок да. Алар элдин пахтадан жасалган кийимге болгон муктаждыгын түшүнө алышпайт да. Картошка жасаганда бизге зарыл болгон майды билишпейт...” деп ойлоп калчумун.

Мына, көрдүңөрбү, адамдын бардык муктаждыктары адамдарга алар эч күтпөгөн жактан берилип турат. Ойлонуп көрсөк, бул муктаждыктардын камсыздалышы эки жол менен болушу мүмкүн. Биринчиси, топурак, суу, Күн, аба сыяктуу жансыз заттар бизди жакшы билет, таанышт, сүйөт деп айтсак да болот. Алар бизге боору ооруп, бизге керектүү нерселердин баарын берет. Экинчиси, адамдарды жакшы тааныган, билген, сүйгөн, мээримдүү, кудуреттүү бир Зат бар. Мына ошол Зат адамды унутуп калбай, танбай, муктаждыктарыбызды өз убагында тиешелүү деңгээлде камсыздайт. Бул суроого жоопту ушул жыйындын соңунда алабыз”.

Ректор агай ошол жерден бир аз токтоп калды... Жаштарга унчукпай карап туруп, ушул ойго салган төмөнкү сөздөрдү айтты:

“Кымбаттуу жаштар, Ислам дини менен илимдин ортосунда толук бир бүтүндүк бар. Анткени, илимдердин изилдөө тармагы болгон аалам бардык жагынан Аллахтын чексиз көркөм чыгармасы. Ислам - Аллахтын Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) аркылуу адамдарга жиберген дини. Ушул себептен дин менен илимдин ортосунда бир бүтүндүк бар. Ислам дининин негизги эки булагы болгон Курани Карим жана куттуу хадистер адамды илим алууга үндөп, аалымдарды абдан мактайт. Ислам дини иликтеп сураштырууга жана изилдөөгө чоң маани берет. Ислам – илимдин дини, Ислам цивилизациясы – бул илим цивилизациясы.

Медицина илимдери, космос илимдери, жер бетиндеги бардык илимдер Раббибиз ааламда жараткан нерселерди жана кыймыл-аракеттерди байкап, изилдеп келет. Бардык илимдер Аллахтын ааламда жараткан мыйзамдарын изилдөө максатында пайда болуп, өнүгүп келет. Ар бир илим өзүнүн кайталангыс тили менен Аллах жөнүндө







кабар берип, түшүндүрүп келет. Биз бул тилдер тууралуу конференциянын жүрүшүндө ар кандай баяндамачы достордон угабыз. Мына ушул себептерди эске алуу менен биз Аллахтын чыгармасы болгон ааламды изилдеп жатып, анын авторун, жаратуучусун унутпашыбыз керек. Биз көзгө көрүнгөн иштеринин негизинде көзгө көрүнбөгөн Раббибизди таанып, ыйман келтиришибиз керек. Силерди дагы бир жолу куттуктап, кош келдиңер демекчимин, Кымбаттуу келечектин ээлери. Мындан кийин дагы ушундай ар түрдүү тематикалык программалар улана берет деп ишендирүү менен баарыңарга ийгиликтерди каалайм”.

Ректор кол чабуулар менен өз ордунан орун алды.

Алып баруучу: “Азыр биздин биринчи баяндамачыбыз, инженердик жана технология илимдеринин профессорлорунун бири, доц. док. Эрдем мырзаны трибунага чакырам. Келиңиз, урматтуу агай!” – деп сөздү Эрдем мырзага берди.


## Акыл далилдерге таянуу менен иш кылат

Кымбаттуу жаштар, Мен силерге турмуштук тажрыйбамдан алынган мисалдар менен бөлүшкүм келип турат. Мисалы, биз тоолорго жакын жерде турабыз. Ал тоонун артынан көк асманды көздөй коюу түтүн көтөрүлүп чыгып жатат дейли. Мындай нерсени көргөндө биз эмне деп ойлойбуз? Албетте, “ал жакта бир жер өрттөнүп жатат окшойт” дейбиз, туурабы? Өрттү даана көрө албасак да, ал жактан чыгып жаткан түтүн ал жерде өрттүн бар экенине далил болот. Тоого чыгып, отту өз көзүбүз менен көрсөк, оттун бар экендигине толук ишенип, маалыматыбыз артат. Ал эми ошол отко барып, андан пайдаланып, жылынсак, оттун









бар болушу тууралуу далил, биз үчүн эң жогорку даражага жеткен болот.

Ошондой эле, кайсы бир имаратты көргөндө,аныинженеркургандыгынашек-күмөнсүз ишенебиз. Инженерди өз көзүбүз менен көрбөсөк да, имараттын өзгөчөлүктөрү, анын бардык эрежелерге ылайык курулганы бул ишке жогорку билимге ээ болгон адис инженердин тиешеси бар экенин далилдейт. Кандайдыр бир ырды укканда, анын кокустан эле өз алдынча нотага салынып калуусу мүмкүн эмес экенин так билебиз. Булар биз ар дайым акылыбыз менен жете турган фактылар. Анткени акыл бир нерсени кабыл алуу үчүн ачык далилдерди талап кылат.

## Куруучунун көрүнбөгөнү, курулган нерсенин кокустан пайда болгонун билдирбейт

Кымбаттуу достор, кандайдыр бир кооз имаратты көргөнүбүздө, биз алгач ал имаратты ким салгандыгына кызыгабыз, туурабы? Мисалы, Стамбулдагы Сулайман мечити, Долмабахче сарайы сыяктуу кереметтүү курулуштарды көргөндө, бул имараттарды салган архитекторлордун чеберчилигине, билимине таң калабыз. Себеби, мындай кереметтүү түзүлүштөрдүн өз алдынча пайда болушу мүмкүн эмес экенин акылыбыз менен туюп билебиз.

- Кымбаттуу жаштар! Эми баарыңардан бир нерсени сурайын, бул жыйындар залы өз алдынча пайда боло алабы?

- “Жоок!” - деген үндөр жаңырды. Баарынан да Алихандын үнү катуу чыкты.

- Эгер кимдир бирөө бул жыйындар залы кокустан пайда болгон деп айтса, анын акылынан шектенбейсиңерби?

Залдагылардын баары бир добуштан: “Ооба” - деп кайра кыйкырышты.

Эрдем мырза алдыда отурган окуучулардын бири Асанды трибунага чакырды. Асандын атын сурап билгенден кийин:





“Асан, балам! Эгер кимдир бирөө бул жыйындар залы капысынан эле өзүнөн-өзү салынып калган деп айтса, эмне кылат элең?” - деп сурады.


Асан:

“Мындай кооз, жасалгалуу курулушту курган сөзсүз бирөө болсо керек дейм. Мындай имарат кокустан пайда боло албайт. Эгер мен бул имараттын инженерин тааныган болсом, аны досторум менен тааныштырмакмын”, - деп жооп берди.

Эрдем мырза Асанга ыраазычылыгын билдирип, ордуна узатып, сөзүн мындайча улантты:

“Кымбаттуу достор, мен архитектор да, инженер-куруучу дагы болом. Мен бул эки тармакта тең билим алдым, - деп жылмайып сөз баштады. – Бир аз мурун Асан тааныштыргысы келген инженермин. Биз, инженерлер, имаратты куруудан мурун анын долбоорун чийип, баарын майда-чүйдөсүнө чейин пландап иштеп чыгабыз. Бул залды түзүүдө биздин жашообуз үчүн бардык зарыл болгон шарттарды сунган Жер шарынан пайдаланып шыктангынбыз... Бул залдын жарыктандыруу, желдетүү системаларынын, акустикалык өзгөчөлүктөрүнүн баарын Жер шарыбыздын кереметтүү түзүлүштөрүн карап жасоого аракет кылдык.

Ошентип, алгач бул залды куруудан мурда залдын кандай максаттарга кызмат кыларын ойлондук. Биз анын канчалык чоң болушу керектигин аныктадык. Желдетүү системасы жайында салкын, кышында жылуу болсун дедик. Мезгилдер сыяктуу. Залдагы ар бир отургучтан сахна жакшы көрүнө турган кылып жарыктандыруу жана жайгашуу эсебин чыгардык. Анан ички жасалгасын, дубалын, полун долбоорлодук. Залдын бардык аймагына тараган үн системасына чоң көңүл бурдук. Айрыкча, мүмкүн болгон жер титирөөлөргө жана өрткө каршы өзгөчө чараларды көрдүк. Бул конференция залын да абдан кылдат инженердик эсептөөлөр менен курууга жетиштик.







## Дүйнөбүз бир керемет сарайдай!

Келгиле, баарыбыз чогулуп ойлонуп көрөлү. Биз жашап жаткан бул дүйнөбүз да кереметтүү бир имарат сыяктуу эмеспи? Атүгүл, ал эң кооз сарайдай көрүнөт. Мына, бул сарайдын шыбы болгон көгүлтүр асманыбыз күндүзү Күн менен, түнкүсүн Ай жана жылдыздар менен жаркырап турат.

Жер бети болсо дайыма жаңыланып, өсүп-өнүгүп турган бак-дарактар, гүлдөр менен кооздолуп, жан-жаныбарлардын мекенине айландырылган. Күнүбүз бул сарайдын шамы жана меши сыяктуу. Кымбаттуу жаштар, үйлөрүңөрдө же мектептериңерде эч бир жерге байланбай асманда илинип турган, өз огунда үзгүлтүксүз айланып турган чырагыңар барбы?

- Жок, чырак сөзсүз бир жерге бекитилиши керек, - дешти окуучулар жабыла.

- Туура, а бирок Күнүбүз чоң чырак болгонуна карабастан, жолунан адашып кетпей өз огунда айланууда. Жер шаарынын өлчөмүндөгү бир миллион үч жүз миңдей асман телосун камтый ала турганчалык чоң болгонуна карабастан, космостун боштугунда дайыма кыймылда болуп турат. Анын астында эч кандай тирөөч жок жана эч бир жерге байланган да эмес. Башка планеталарды да өзүнүн айланасында айлантып, өз айлануусун улантып жатат. Бизге керектүү жарыкты жана жылуулукту жөнөтүп турат. Ал үчүн бизден эч кандай акы сурабайт.

Жер шарын тегиз аралаган шамалдар тирүү жандыктарды сергитип, зарыл болгон жерлерге таза абаны таратып турган кондиционерлерге окшобойбу?

Бир жагынан, шамалдар өз ичинде зор өлчөмдөгү сууларды алып жүргөн жамгыр булуттарын бир жерден экинчи жерге ташыйт. Ошондой эле, гүл чаңдарын ар тарапка учуруп барып, өсүмдүктөрдүн уруктанып көбөйүшүнө себепчи болушат.

Тоолор болсо бир башкача сулуулукка ээ. Ичинде жандыктарга зарыл болгон табигый элементтерге бай дары

сууга толгон тоолор бул дүйнөбүздүн өтө бекем тирөөчтөрү сыяктуу.

Кымбаттуу достор, сөзүмдү мындайча аяктагым келет. Жөнөкөй бир үй, жөнөкөй бир имарат дагы кокусунан пайда боло албагандай эле, келиштире жасалгаланган кереметтүү сарайдай болгон көркөмү көздүн жоосун алган дүйнөбүз дагы кокусунан пайда боло албайт. Өзүнөн-өзү мындай кооз абалды ала албайт. Бул дүйнөбүз, бизди чексиз ырыскылар менен камсыз кылып, бизге кам көргөндүгүн жана ар бир жаратылган макулугу аркылуу бизди сүйгөндүгүн көрсөткөн Аллах тарабынан биз үчүн курулган. Жер шары өзүнүн ыраат-тартиби менен келген жыл мезгилдери, керемет табияты, кооздугу жана кереметтүү кубулуштары менен Жаратканды таанытып турат. Тыңдаганыңар үчүн баарыңарга ыраазычылык билдирем жана окууларыңарга ийгиликтерди каалайм.

Баяндаманы уккан жаштар өз ара сүйлөшүп, бири-бирине “Ырас эле келген экенбиз” деп кубанычтарын билдирип жатышты.

## Жандыктардын купуя тили

Алып баруучу кайрадан чыгып:

- Эми “Жандуулардын купуя тили” деген тема боюнча сөз сүйлөө үчүн алдыңыздарга кийинки спикерибизди чакыралы, - деди.

Трибунага маалыматтык байланыш багыты боюнча профессор айым чыкты:

“Кымбаттуу жаштар, «байланыш» деген сөздү укпаган эч ким жок болсо керек, - деп сөзүн баштады. - Байланыш ар бирибиздин жашообузда абдан маанилүү орунга ээ. Биз, адамдар, сезимдерибизди, маалыматтарыбызды жана ойлорубузду вербалдык же вербалдык эмес жол менен башкаларга жеткиребиз. Вербалдык, башкача айтканда, сөз менен байланыш - бул сүйлөө жолу менен, сөздөрүбүз аркылуу болгон байланыш. Ал эми вербалдык эмес,





башкача айтканда, сөзү жок байланыш - бул дене тилибиз жана жүрүм-турумубуз аркылуу болгон байланыш. Мисалы, бирөө менен таанышканда ага жылмайып койгонубуз биздин чын дилибизден болгон кубанычыбызды билдирет.

Бир адамдын жүзүнө, кыймыл-аракетине жана ошол учурдагы жүрүм-турумуна карап туруп, анын бактылуу же бактысыз, кубанган же ачууланган, толкунданган же тынчтанган абалда экенин түшүнө алабыз. Ал адам сөзү менен айтпаса да, кыймыл-аракети жана жүрүм-туруму аркылуу көп нерсени билдирет.

Ошондой эле, дарыгердин ак халаты же моюнундагы стетоскопу, юристтин сот учурунда кийген мантиясы, аскер кызматкеринин аскердик формасы жана белиндеги куралы айттырбастан эле алардын кесибин жана кызматтык абалын түшүндүрүп турат.

Кымбаттуу жаштар, кээде адам бир ооз сөз айтпай туруп эле кыймыл-аракети, жүрүм-туруму менен көп нерсени айтып бере алат. Анын унчукпай коюусу айтканына




караганда көбүрөөк нерсени түшүндүрүп, каалаган натыйжага жеткириши мүмкүн. Ата-бабаларыбыз байыртадан эле: “Сөз күмүш болсо, унчукпоо – алтын” деп, унчукпоонун баалуулугун баса белгилешкен. Эгерде биз жашоодогу нерселерге кылдат байкоо салсак, сөзсүз байланыш элементтеринин өтө көп экенин көрө алабыз.

Мисалы, күнүмдүк жашоодо көрүп эле жүргөн бардык эскертүүчү белгилер, жол белгилери, жол чырактары,

атүгүл, түстөр да сөзсүз түрдө бизге бир нерсе тууралуу кабар берип турат, кандайдыр бир маалымат берип турат. Телефонуңардын кубаттагычы "Мен аркылуу батареяңды кубаттай аласың!" деген маалыматты берип турат. Бирок ошол эле кубаттагыч ар бир түзүлүштү кубаттай албаганы аркылуу да бир нерсени билдирип турат. Жолдон өтүп бара жаткан сары түстөгү такси: "Мен аркылуу бир жерден экинчи жерге саякаттай аласың!" деген кабарды берет. Дубалдын үстүндөгү саат күн ичинде биз менен бир нече жолу үнсүз сүйлөшүп, убакытты бизге айтып турат".

## Абал тилим жана кыймыл-аракетим менен сага маалыматтарды берип жатам, байкап жатасыңбы?


"Кымбаттуу жаштар, дал ушул сыяктуу эле бардык жандыктар да өзүнүн "абал тили", башкача айтканда, кыймыл-аракети жана жүрүм-туруму аркылуу биз менен байланышууга жөндөмдүү. Бул өзгөчөлүктү аларга Улуу Аллах берген. Тилин түшүнгөн адам менен сүйлөшүү канчалык оңой болгондой эле, эгер ааламдагы жандыктардын абал тилин түшүнө алсак, Жараткан бизге алар аркылуу эмне билдиргиси келгенин да оңой түшүнөбүз.

Бардык жандыктар Жараткан Аллахтын бизге айткысы келген кабарларын жеткирип турат. Өздөрүнө тиешелүү абал тили аркылуу биз менен сүйлөшөт. Алар бизге Жаратуучусу болгон Аллах тууралуу кабар берет, Аны таанытат. Бул түшүнүк "абал тили менен сүйлөө" деп аталат. Жандыктар өздөрүндө бар жана жок өзгөчөлүктөрү менен Раббибиздин эң керемет сыпаттарын билдиришет. Мисалы, жогорку кесиптик билимди талап кылган бир нерсени билимсиз бирөө жасап жаткан көрүнүш ойлонууга түрткү болчу нерсе. Анткени билимсиз адам, өзүнүн билимсиздиги менен бул иштн мурун жасап көрбөгөндүгүн билдирген болот.

Алсыз бирөө чоң күч талап кылган нерсени аткарып койдум десе, бул бизди эч кандай шектүү ойго салбайбы? Күмөн жаратпайбы? Албетте, анын алсыздыгына карап туруп, ошол зор күч талап кылган ишти башка бирөө







жасаганын түшүнөбүз. Искусстводогу шедевр чыгарманын искусстводон эч бир түшүнүгү да, кабары да жок адам тарабынан аткарылгандыгын көргөндө, муну кылдат карап чыгууга тийишпиз. Мына ушундай, жандыктардын ар бири бизге "Эй адам баласы! Мен сага өзүмдүн абалым менен кабар берип жатам, байкап жатасыңбы?" деп жатат.

Кымбаттуу достор, мисалы, денесинде уу алып жүргөн аарынын таттуу, шыпаа берген бал алып келиши – бул бир айтылган кабар. Бир гүл өзүнүн абал тили менен бизге мындай дейт: "Менин үстүмдөгү сулуулуктарды Аллах гана жараткан. Топуракты, сууну, жарыкты жараткан Аллах мени дагы алар менен бирге жараткан. Мен башка гүл досторумдай эле Жараткандын бардыгына, бирдигине жана Анын чексиз сыпаттарына далилмин. Топурак кимдики болсо, топурактан чыккан биз дагы ага таандыкпыз. Мен сыяктуу дүйнөдөгү бардык гүлдөр бир эле Күндөн жарык алабыз, бир эле абадан пайдаланабыз. Күндүн Ээси биздин дагы Ээбиз".

Мына, урматтуу жаштар, жүрөгүндөгү ыйман нуру менен жандыктарды караган адам, бардык жандыктар өздөрүнүн өзгөчө тили менен бизге сүйлөп жатканын байкайт жана ааламдагы бул тилди түшүнүп алат.

Мени кунт коюп укканыңар үчүн ыраазычылык билдирем. Баарыңарга бактылуу жана ийгиликтүү жашоо каалайм".

Дагы бир жолу дүркүрөгөн кол чабуулар жаңырды. Жаштар жандыктардын сөзү жок эле өздөрүнүн аракеттери, жүрүм-туруму аркылуу адам менен байланышканын түшүнүп калышты. Эми кезекте көркөм өнөр мугалиминин баяндамасы бар эле. Бул баяндамадан мурун 30 мүнөттүк тыныгуу берилди. Окуучулар кийинки баяндамачылар эмнелерди айтат деп кызыгып жатышты. Алар мүмкүн болушунча бардык баяндамачыларды кунт коюп угууга, алардын сүйлөгөн сөздөрүнөн маанилүү маалыматтарды жазып алууга аракет кылып жатышты.

## Илим талап кылган нерсени сабатсыз бирөө жасай албайт

Тыныгуу убагында бардыгы бирге балконго чыгышты. Окуучулардын айрымдары Жусуп агайдан уруксат алып, залдын оң бурчундагы тамак-аш жана суусунду автоматына жөнөштү. Алар суусап, бир аз ачка да болуп калышкан эле. Автоматтын ичинде суу, суусундуктар, печенье жана жей турган нерселер толтура болчу. Тийиштүү жерге тыйын же акчаны салып, номерин басканда тандалган шоколад, печенье же суусундук төмөн жагынан чыгып калчу. Жусуп агай аларды алыстан байкап турду. Анан жанындагы окуучуларга кайрылып:

- Жүргүлө, досторуңардын жанына баралы, - деди. Баары бирге автоматтын жанына барышты. Мектептеринде мындай машина жок болчу. Окуучулардын бир тобу бул машинаны кылдаттык менен изилдей башташты.

Жусуп агай:

- Бул машина, жаңы эле баяндама жасаган окутуучубуз айткан сөзү жок байланыштын үлгүсү болушу мүмкүнбү?

Кадыр:

- Ооба, болушу мүмкүн агай. Анткени бул автомат бизге ишарат кылып, "Эгер сууну кааласаңар, суу берем, печенье кааласаңар, печенье берем, шоколад кааласаңар, шоколад берем" деп жатат, - деди.

- Туура, дагы башка ой-пикир барбы?

- Агай, бул автомат акыл-эстүү эмес. Биздин суу жана тамак-ашка болгон муктаждыгыбызды кайдан билсин? Адамды тааныган жана муктаждыктарын билген бирөө бул машинаны бул жерге коюптур, - деп Айша да өз пикирин айтты.

Класс башчысы Саид:








- Агай, бул машинанын ичиндеги суусундук жана таттууларды бирөө улам салып турбаса, машина эч нерсе бере албайт.

- Абдан туура, - деп кубаттады Жусуп агай. - Баарыңар абал тили менен аткарылган байланышты чындап түшүнгөн экенсиңер. Бир аз мурун баяндама жасаган жана аталган байланыш түрлөрүн үйрөткөн мугалим айткандай: "Илим талап кылган нерсени сабатсыз бирөөнүн жасагандай көрүнүшү ойлоно турган нерсе". Азыр биз да автомат аркылуу суусундугубузду кандырып жатабыз. Бизге сууну берип, ырахаттандырган бул жансыз машина деп айта алабызбы? Оозубузду таттуу кылууга бул сезимсиз машина кудуреттүүбү? Албетте, жок. Анда биз буга себеп болгон булакты изилдешибиз керек эмеспи? Ошол эле кырдаалдагы топуракты карап көрөлүчү. Топурак биз ачка экенибизди кайдан билсин? Буудай берип, бизди тойгузуп, бактылуу кыларын топурак же суу кайдан билсин?

Окуучулар бир ооздон:

- Албетте, билбейт агай, анткени алардын андай жөндөмү жок, - деп чурулдап калышты.

- Туура, алар болгону ортомчу каражат. Раббибиздин ырайым казынасынан келе турган нэматтарга себепчи болгон жөн гана каражат... Аллах жыл сайын жаз мезгилинде ырайым казынасынан нэматтарды жиберет. Кышта кургап калган бактардын бутактарын жазында мөмөлөр менен толтурат. Бул ар жылы кайталанат. Анткени Аллахтын түгөнгүс берекелүү казынасы эч качан куру калбайт. Бирок бул автоматты суусундук жана таттуулар менен бирөө толтуруп турбаса, автомат бизге эч нерсе бере албайт.

Окуучулардын ичинен Райхан алдыга чыгып:

- Агай, акча алынуучу банкоматтар да ошондой эмеспи? – деп сурады.

Ооба, алар да ошондой, Райхан. Эч бир банкомат сенин акчага муктаж экениңди билбейт. Муктаждыкты билүү сезимсиз, жансыз нерселердин иши эмес. Эгер бирөө акча салбаса, банкомат сага акча бере алабы?..

## Сүрөтчүсүз сүрөт тартылбайт

Тыныгуу бүткөн эле. Окуучулар кайра залдагы орундарына барып отурушту. Алып баруучу кайрадан сахнага чыгып, көркөм өнөр бөлүмүнүн сүрөт боюнча окутуучусун трибунага чакырды. Элүү жаштардагыдай көрүнгөн мугалим кол чабуулар менен сахнага чыгып, жай сүйлөп сөзүн баштады. Ал сөзүн трибунада туруп эмес, сахнаны аралап сүйлөй турганын айтты. Ошол учурда сахнадагы чоң экранга бир сүрөт чагылдырылды.

Анда май боёк менен гүлдөрдүн үстүндө учуп жүргөн ар түрдүү кооз, түстүү көпөлөктөр тартылган эле. Сүрөт окутуучусу: “Мен сахнага бир ыктыярдуу окуучуну чакырайын. Ал менен бул сүрөттү талкуулагым келип турат”, – дегенде, Жусуп агайдын классындагы сүрөтчү Райхан дароо колун көтөрдү. Мугалим аны көрдү да, сахнага жакын тургандыктан, “Кел, кызым” деп жанына чакырды. Райхан абдан толкунданып чыкты. Сүрөт тартуу абдан кызыктуу,





бирок сүрөттү талдоо, болгондо да университеттин окутуучусу менен бирге талдоо кандай болор экен деп ойлоду. Бул ойлор менен сахнага бат-баттан басып чыкты. Мугалимдин жанына барды. Мугалим адегенде аны өзүнө болгон ишеними үчүн куттуктады. Анан ысымын сурады. Андан кийин:

- Кана, Райхан, эми ушул сонун сүрөттү бирге талдайлы. Сүрөт бизге эмнени айтып жатат? Бирге түшүндүрөлү, - деди.

- Макул, аракет кылайын. Мен бул жерде кенептин бетине тартылган көпөлөктөрдү көрүп турам. Ар бир көпөлөк абдан кооз, бири-биринен айырмаланган жана өтө чеберчилик менен тартылган. Арт жагында ачык асман, ар кандай түстөгү гүлдөр жана бактар бар. Көпөлөктөр учуп жүрөт. Ошондой эле сүрөтчүнүн палитрасы бар, үстүндө ар түрдүү боёктор жана ар кандай калыңдыктагы кыл калемдерди көрүп турам.

- Абдан жакшы баяндап бердиң, Райхан. Эми айтчы, бул сүрөт өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн деп ойлойсуңбу?

- Жоок, андай болушу мүмкүн эмес! Бул кооз сүрөттү чебер сүрөтчү гана тарта алат. Анан дагы сүрөтчү картинанын ылдый жагына өз кол тамгасын да койгон экен.

- Туура. Сүрөтчүнүн аты менен коюлган колу көрүнүп турат. Бул сүрөттү, албетте, сүрөтчү тарткан. Анткени эч бир сүрөт сүрөтчүсүз тартылбайт. Эч бир айкел өзүнөн-өзү пайда болбойт. Бул кооз сүрөт чебер сүрөтчүнүн сезими жана жөндөмүнүн натыйжасында пайда болгон. Райхан, сага дагы бир суроо бергим келип жатат. Сүрөттөгү боёктор туш келди чачырап кетип, ар түрдүү көпөлөктөрдүн образын жаратышы мүмкүн деп ойлойсуңбу?

- Жок, мүмкүн эмес!

- Эмне үчүн?

- Анткени туш келди чачыраган боёктордон так фигура чыкпайт. Анан да боёктордун бул сүрөттү тартууга жөндөмү жок да...

- Азаматсың, Райхан. Абдан туура айттың. Сүрөттү тартууда колдонулган жансыз боёктор сүрөтчү боло албайт. Сүрөттү тартуу үчүн колдонулган кыл калемде да сүрөт тартуучу жөндөмдөр жок. Ошондой эле, кенептин кагазынын да сүрөтчүлүк жөндөмү болушу мүмкүн эмес.

Сүрөт сабагынын окутуучусу бул жолу залга кайрылды да:

- Достор, адегенде силерге бир нерсени ачык айтууга туура келет, - деди.

Анын мындай сөзү залдагылардын кызыгуусун арттырды. Айрыкча Райхан абдан кызыкты.

Окутуучусу сөзүн улантып:

- Мен да кээде көпөлөктөрдү тартып турам. Алдыма үлгү катары бир көпөлөктү алып, карайм. Аны жакшылап карап чыгып, анан тарта баштайм. Сүрөттү алгач канатынан баштайм. Бирок экинчи канатын тартканда абдан кылдат жана так болууга аракет кылам.

- Эмне үчүн экинчи канатын тартканда этияттап, кылдат тартасыз? – деп сурады Райхан кызыга.







Окутуучу жылмаюу менен жооп берди:

- Анткени көпөлөктүн экинчи канатын тартканда биринчи канатын үлгү катары алып, ага карап тартам. Бул өтө кылдаттыкты жана чеберчиликти талап кылат, анткени көпөлөктүн эки канатында тең так симметрия, кемчиликсиз тартип, мыкты өлчөм бар.

Көркөм өнөр бөлүмүнүн окутуучусу муну түшүндүрүп жатканда, жаш сүрөтчү Райхан да сүрөт тартуудагы алган тажрыйбасынын негизинде анын айткандарын баш ийкеп, тастыктап жатты.

## Сүрөт менен сүрөтчү бир түрдөгү заттардан эмес

Ошентип, көркөм өнөр бөлүмүнүн окутуучусу Райханга ыраазычылык билдирип, аны ордуна узатты.

“Ооба, сүйүктүү достор, баарыбыз көргөндөй, эч бир сүрөт сүрөтчүсүз өзүнөн-өзү пайда болбойт, болуусу да мүмкүн эмес! Анткени сүрөттүн жаралуу процессин алып караганыбызда, алдыбызда сүрөт жана ошол сүрөттү жараткан бир заттын бар экенин көрөбүз. Сүрөт нерсе, башкача айтканда, анын үстүндө иш жүргүзүлгөн объект. Сүрөтчү болсо субъект. Ал сүрөттү тарткан, боёгон, өлчөмдөп түзгөн жогорку деңгээлдеги касиеттерге ээ адам. Сүрөтчү сүрөтсүз бар боло алат, бирок сүрөт эч качан сүрөтчүсүз пайда боло албайт. Мындагы абдан маанилүү нерсе – сүрөтчү менен сүрөт бир түрдөгү заттардан эмес экендиги, башкача айтканда, сүрөтчүдө өзгөчө жогорку деңгээлдеги касиеттер болушу керек. Сүрөтчү сүрөттү долбоорлоп, аны мыкты деңгээлде тарта алуу үчүн жарык кубулушу боюнча билими, визуалдык көз караш, үч өлчөмдүү ой жүгүртүү, түстөрдүн шайкештиги сыяктуу көптөгөн билимдерге ээ болуп, аларды орду менен колдоно билиши керек. Бул касиеттер сүрөттө да, кыл калемде да, боёктордо да жок.



Айкелди алып карасак, анда да дал ушундай. Кадимки эле айкел өзүн-өзү жаратпайт. Эч бир айкел өзүн-өзү жасай албайт. Мен көркөм өнөр бөлүмүнүн окутчуусумун. Бүгүнкү күнгө чейин сүрөтчүсү жок туруп эч бир бир кыл калем жана боёктордун өз алдынча сүрөт тартканын көргөн эмесмин. Ошондой эле, бир балка менен кескичтин өз алдынча айкел оюп жасаганы тууралуу көрмөк тургай уккан да эмесмин.

Эми келгиле, чогуу кадимки эле көпөлөктү элестетели. Ооба, чыныгы көпөлөк учат, дем алат, дем алуу системасы бар, канаттары кыймылдаган жандык. Анын кан айлануу системасы бар, канаттарын тынымсыз каккылап турушу үчүн ага кан айлануу системасы керек. Өсүп жетилүүсү үчүн сиңирүү системасына муктаж. Кыймылдай алышы, жашоосун уланта алышы, айрыкча, дүйнө менен байланыш түзүп, ырыскысын издей алышы үчүн көптөгөн системаларга жана органдарга муктаж. Ал тургай, көпөлөктүн кагаздагы жансыз сүрөтүн тартуу үчүн да бир сүрөтчү керек, туурабы? Анда кадимкидей жандуу көпөлөктүн Жаратуучусу жок деп кантип ойлой алабыз?

Мына ушул суроого жоопту сиздерге табигый илимдер факультетинин окутуучусу түшүндүрүп берет. Мен сөздү ага берейин. Мени кунт коюп укканыңар үчүн силерге терең ыраазычылык билдирем. Саламатта болгула, достор".





Алып баруучу кайрадан сахнага чыкты. Көркөм өнөр бөлүмүнүн окутуучусуна маңыздуу мыкты баяны үчүн рахмат айтып, табигый илимдер бөлүмүнүн окутуучусун трибунага чакырды. Табигый илимдер бөлүмүнүн окутуучусу жашы улуу, бирок басканы тың адам экен. Бийик үнү менен залга салам айтып, экранга бир текстти чыгарды. Экранда түшүнүүгө оор нерселер жазылган эле.

## !лыразүчтөрүсрибаднүчүуутратүткөлөпөК

Окутуучу залды бир карады да "Бул жерде эмне деп жазылган?" деп жалпыга суроо берди. Баары жазууну карап, окууга аракет кылып жатышты, бирок эч ким жооп бере алган жок. Бир убакта алдыңкы катардан башка мектепте окуган бир окуучу бала кубана: "Мен таптым!" - деп айтты. Окутуучу: "Айта бер, балам!" деп ага сөз берди.

Окуучу:

- Агай, бул жерде "Көпөлөктү тартуу үчүн да бир сүрөтчү зарыл!" деп жазылыптыр, - деди.

Чынында эле дал ошондой жазылган эле. Окутуучу аны куттуктап: "Азаматсың, балам, - деп сөзүн улады. – Силердин көңүлүңөрдү топтоо үчүн бул сүйлөмдү тескери жаздым. Азаматсыңар, дароо эле таап койдуңар. Мен бул теманы кесиптешим калтырган жерден улантkым келет. Илимий жактан алганда, көпөлөктөр экиге бөлүнөт: күндүзгү жана түнкү көпөлөктөр. Көпөлөктөрдүн жүз элүү миңдей түрү бар экенин билчү белеңер? Көркөмү менен көздүн жоосун алып учуп жүргөн ар түрдүү түстөгү көпөлөктүн жашаган чөйрөсү менен өтө тыгыз байланышы бар. Мисалы, күндүзгү көпөлөктөрдүн жолун жана багытын табышы үчүн Күн керек. Мындан тышкары, бардык көпөлөктөрдүн эркин учушу үчүн жердин тартылуу күчү дагы керек болот. Алардын гүлдөр, чаңчалар менен да кызыктуу бир байланышы бар. Көбүнчө 1-2 ай гана жашаган көпөлөктөр эч жерде учуу сабагын алышпайт. Учуу мыйзамдарын билбей туруп,

өздөрүнө таандык ыкма менен жогорку чеберчиликте уча алышат. Айрыкча түнкү көпөлөктөрдүн жыт сезүү жана угуу системалары өтө сезгич келет. Айрым түрлөрү 5 чакырым алыстагы башка көпөлөктүн жытын сезе алат.

Ооба, менин сүйүктүү досторум, көпөлөктү жарата турган Затта бул өзгөчөлүктөрдүн баары болушу керек. Биринчиден, көпөлөктүн жашаган чөйрөсүнө, деги эле жашоосуна байланыштуу болгон бардык шарттар тууралуу маалыматтарга ээ болушу керек, аны ошол чөйрөгө ылайыктап жаратышы керек. Анткени алар ошол системанын, ошол чөйрөнүн ичинде гана жашай алат. Көпөлөк менен Күндүн, көпөлөк менен жердин тартылуу күчүнүн ортосундагы байланыштарды билүүсү зарыл. Бул нерселерди билбеген зат көпөлөктүн ээси, жаратуучусу боло албайт.

Көпөлөк жана чымын сыяктуу жандыктар жалгыздан жаралбайт. Алар сансыз көп болушат. Ошого карабастан, баары бирдей кооз жана кемчиликсиз. Баары бир Жаратуучунун чыгармасы сыяктуу.

## Баары бири-бири менен байланышкан!

Көпөлөктүн жашап, азыктанып жана учуп жүрүшү үчүн ага керектүү бардык нерселер анын кызматында болушу керек. Башкача айтканда, көпөлөк кимге таандык болсо, Күн дагы ошол Заттыкы. Көрүнүп тургандай, ааламда бүтүндүк бар. Ар бир нерсе башка бардык нерселер менен байланышта. Бир жандыктын болсо да көрүүсү, учуусу, жашоосун улантуусу сансыз факторлордон көз каранды. Бул факторлорду билбеген көпөлөктү жарата албайт. Көпөлөктүн жашоосу үчүн эмне керек болсо, аны жараткан Зат ага керектүү нерселерди да жараткан. Көпөлөктүн көзүн ким жараткан болсо, Күн системасын да ошол жараткан. Анткени ааламда бардык нерсе бири-бири менен байланышта.







## Жашоосу жок нерсе жашоо бере албайт!

Муну бир аз кеңири түшүндүрүп кетейин. Маселен, ойкуп-кайкып учуп жүргөн көпөлөктө эң көрүнүктүү өзгөчөлүк – жашоо. Жашоо – бул эң жогорку деңгээлдеги өзгөчөлүк. Мындай өзгөчө сапатты бере ала тургандын өзү да өтө жогорку деңгээлдеги сапаттарга ээ болушу керек деп ойлоймун. Ошондуктан, тирүү бир нерсени жаратуу үчүн аны жараткан Зат да тирүү болушу зарыл. Жашоосу жок нерсе кантип башка бирөөгө жашоо берсин? Ошондуктан, жашоосу жок суу жана топурак, жансыз аба жана Күн көпөлөктү жаратпайт.

Кымбаттуу жаштар, көпөлөккө жана башка тирүү жандыктарга көздү берген Зат, Күндүн да ээси болушу керек. Анткени Күн болбосо, көз иштебейт. Көпөлөккө угуу системасын берген Зат үндөрдү да жараткан болушу керек. Үн болбосо, кулак эмне кылат? Ошондуктан, тирүү жандыктарга көрүү жөндөмүн берген Аллах Өзү да көрөт. Ар

бир жандыкка угуу системасын берген Аллах Өзү да угат. Угуу жөндөмү болбосо, бул касиетти бизге бере алмак эмес. Бардык жандыктарды ар кандай жолдор менен сүйлөштүргөн Аллах Өзү сүйлөөнү билбейт деп ойлосо болобу?"

Дүркүрөгөн кол чабуулардан кийин алып баруучу кайра сахнага чыгып, мындай сунуш киргизди:

"Кымбаттуу достор! Баяндар абдан сонун болуп жатат, бирок силер бир аз чарчадыңар окшойт. Жогоруда агайыңар айтып кеткендей, залдын атмосферасынан байкап турам, кийинки баянды көңүл коюп, жандуу угуу үчүн бир аз тыныгуу керек окшойт. Азыр программадагы 30 мүнөттүк тыныгууга кезек беребиз. Эс алуу бөлмөсүндө чай жана тамак-аштар сиздер үчүн даярдалган".

## Бир ишке көп кол аралашса, ал иш чаташып калат

Эс алуу залында чай жана пирог таратылды. Окуучулар Жусуп агай менен эс алуучу отургучтарга отурушту. Алардын көңүлүн эс алуучу залдын ар кайсы жерлерине коюлган чоң аквариумдар бурду. Алардын бирине жакын барып карап жатышты. Чынында эле абдан сонун көрүнүп турду. Аквариумдун ичинде жашыл балырлар, ар кандай түстөгү балыктар сүзүп жүрдү. Суу ичинде жана бетинде дайыма аба көбүктөрү пайда болуп турду.

- Үйүндө аквариум кармап, балык багып жүргөндөр барбы? – деп сурады Жусуп агай балдардан.

- Биздин үйдө бар, агай, - деди Айша.

- Аларга кам көрүү кыйын болуп жатабы?

- Ооба, агай, бир аз татаал, бирок аларды атам карайт. Мен ага жардам берем. Бул абдан кызыктуу иш.

- Атаң балыктарга кантип кам көрөт, бир аз айтып бере аласыңбы?





- Агай, аквариумдун ичинде абдан маанилүү тең салмактуулук бар. Атам дайыма: "Тиричилик – бул тең салмактуулук" деп айтат. Маселен, аквариумдун ичинде электирдүү аба мотору иштейт, ал аквариумдагы сууга таза кычкылтек берип турат. Кычкылтектин өлчөмү өтө көп да, өтө аз да болбошу керек, тең салмакта кармап туруу зарыл. Бир жолу биз эс алууга чыкканбыз, аба мотору бузулуп калып, балыктарга кычкылтек жетишпей калыптыр. Бардык балыктарыбыз өлүп калган. Ошондой эле аквариумдун тазалыгы да өтө маанилүү. Анын суусун дайыма электрдик фильтр аркылуу тазалап турабыз. Балыктардын табигый калдыктары сууну булгайт. Балыктар кир сууда жакшы жашай албайт, ооруп калат. Ошондуктан биз аквариумду тазалап туруучу таштанды жеген балыктарды алабыз, алар аквариумдун кирлерин жеп тазалап турат.

Мындан тышкары, атам аквариумдагы тең салмактуулук бузулбасын деп, балыктарды кароого башка бирөөнүн кийлигишүүсүн каалабайт. Эсимде, бир жолу биздин үйгө бөлөм конокко келген. Атамдан уруксат сурабай, балыктарга туура эмес жемден ашыкча берип коюп, алардын ооруп калышына себепкер болгон. Ошондо атам бизге: "Бир жерде эки баш болбойт, болбосо тартип болбойт" деген макалдын маанисин түшүндүргөн.

- Айша, айткандай эле, аквариумдун камкордугу оңой эмес экен да? – деди Жусуп агай.

- Агай, муну менен эле бүтүп калбайт, - деп кошумчалады Айша. – Кичинекейлерин чоң балыктардан өзүнчө бөлүп багабыз. Аквариумдагы жарыктын тең салмактуулугу да абдан маанилүү. Балыктарды ашыкча кыжаалат кылбай турган деңгээлде гана жарык болушу керек.

- Чынында эле бул иш көңүл бурууну жана камкордукту талап кылат экен. Үйүңөрдөгү аквариум канчалык чоң? Бир бөлмөнүн чоңдугундай барбы?

- Жок, агай, анчалык чоң эмес. Узундугу бир жарым метр, туурасы жетимиш сантиметрдей.

Жусуп агай:

- Көрдүңөрбү, достор, кичинекей эле аквариумдагы балыктар канчалык кам көрүүнү талап кылат. Балыкка керек болгон нерселерди өз убагында жасоо керек. Эгер экинчи бирөө аралашса, аквариумдагы тартип бузулат. Эми ойлонуп көрөлүчү, дарыялардын, көлдөрдүн, агын суулардын жана океандардын ичиндеги балыктардын камын ким көрөт? Ал жактагы кычкылтек тең салмактуулугун ким камсыздайт? Балыктар менен бирге башка суу жандыктарын ким тоюндурат, ким көзөмөлдөйт? Алардын тазалыгын ким камсыздайт?

Мисалы, жөнөкөй эле кум менен суунун ичинде толук камкордукка алынган деңиз жандыктарын ойлоп көрөлү. Кээ бир балыктар миллиондогон жумуртка таштайшат, бирок деңиздеги жандыктардын тең салмактуулугу бузулбайт. Бул керемет тең салмактуулукту ким түзөт, андан кийин ким сактайт?







Кымбаттуу достор, бул терең ойлоно турган маселе! Биздин жерибиз космосто өтө тездик менен айланып жатса да, деңиздер менен океандар жээгинен ташып, кургак жерлерди басып кетпейт. Абдан кереметтүү тартип сакталып турат. Мыкты тартиптин болушу жана улануусу, бул иштердин бир гана булактан жүргүзүлүп жатканынын далили. Эгерде экинчи бир Жаратуучу болсо, бул иштер чаташмак, тартип бузулмак. Анткени бир ишке көп кол аралашса, ал иш чатагына айланат, башаламандык башталат. Деңиздердин башкарылуусу, тартиби, ичиндеги жандыктардын азыктандырылышы бир гана Улуу Раббибиздин түгөнгүс илими жана кудурет-күчү менен ишке ашат.

Окуучулар Жусуп агайдын айткандарын бериле угуп, чайларын ичип жатышты.

## “Сюрприз” баяндамачы

Тыныгуу тез эле аяктады. Бардык окуучулар кайра залга келип, унчукпай орундарына отуруп жатышты. Алар жаңы баяндамачынын баянын кызыгуу менен күтө баштышты. Алып баруучу Стамбул Ислам жана илим университетинде Ислам илимдери боюнча докторлук даражага ээ болгон доктор Жусуп агайды чакырып тааныштырды. Акыркы баяндамачы чынында эле сюрприз болду. Жусуп агайдын окуучулары бир жагынан таң калышса, бир жагынан кубанып жатышты. Алар агайынын мындай илимий даражасы тууралуу такыр билишкен эмес эле. Агайы трибунага чыккандагы окуучуларынын кубанганы өзүнчө сөз кылууга арзыйт эле. Баары агайы менен сыймыктанып, бирин-бири кубанычтуу карап, кол чаап жатышты. Андан соң кунт коюп Жусуп агайдын сөзүнө кулак түрүп калышты.

“Кымбаттуу жаштар жана кадырлуу агайлар, - деп сөз баштады Жусуп агай. - Мен да силер менен ыймандын алты негизинин төртөөсү жөнүндө кыска жана нуска ой бөлүшкүм келет. Кымбаттуу достор, ыймандын алты негизги шарты

бар. Пайгамбарыбыз (с.а.в) бул алты негизди: “Аллахка, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө, тагдырга, жакшылык жана жамандык Аллахтан экенине ишенүү” деп түшүндүргөн. Эми, ошол ыймандын алты негизин ирети менен кыскача айтып берейин.

## Ар бир ыр аны чыгарган акын тууралуу айтып берет



Кымбаттуу жаштар, Аллах Таалага ыйман келтирүү – бардыгын жоктон жараткан Аллахтын бар экенине, жалгыз экенине жана шериги жок экенине ишенүү дегенди билдирет. Ааламдагы бардык нерсе Аллахтын бар экенине далил болуп саналат. Кайсы бир көркөм чыгарма аны жаратканды таанытса, ааламдагы бардык нерсе дагы аларды жараткан Аллахты таанытып, Анын бар экенине далил болот. Акынсыз ырды, архитекторсуз имаратты элестетүү мүмкүн эмес болгондой эле, Жаратуучусу жок ааламды да элестетүү мүмкүн эмес. Ошондой эле, ааламдагы тартиптин жана башаламандыктын жоктугу Аллах Тааланын жалгыз экенине далил. Ааламдагы атомдордон тартып жылдыздарга чейин көрүнүп турган керемет тартип жана идеалдуу ырааттуулук Аллахтын жалгыз экенин жана шериги жок экенин ачык көрсөтөт. Кайсы жерде тартип болсо, ал жерде бирдиктүүлүк бар. Кайсы бир мамлекетте эки падыша, бир шаарда эки мэр, бир мектепте эки директор болсо, ал мамлекетте, ал шаарда, ал мектепте сөзсүз бир келишпестик, башаламандык болот. Маселен, силердин мектебиңерде эки директор болсо кандай болмок? Иштер башаламан болбойт беле? Бирөө кабыл алган чечимге экинчиси каршы чыгып, көйгөйлөр жаралбайт беле?





## Периштелердин көрүнбөгөнү алардын жок экенин билдирбейт

Кымбаттуу достор, силерге бир суроо берейин. Араңарда Австралияга баргандар барбы? Бар болсо, кол көтөрсүн!

Залдан эч ким кол көтөргөн жок.

- Ал эми Австралия деген материк дүйнөдө барбы?

Баары чурулдап “Ооба, бар”, - деп жооп беришти.

Билесиңерби, балдар, периштелер адамдардан башка дүйнөдө жашашат. Периштелер жашаган руханий дүйнө биздин дүйнөдөн башкача. Австралия материгине барып, ал жактагы адамдарды көрбөсөк да, ал адамдардын бар экенине шек санабайбыз. Арабыздан бир адамдын ал жакка барып, ал жердеги жергиликтүү адамдар менен жолугушуп келүүсү биз үчүн алардын бар экендигине күчтүү далил болот. Дал ошондой эле, Аллах жөнөткөн бардык диндерден, алар менен жолуккан пайгамбарлардан жана Раббибиз жөнөткөн ыйык китептерден биз периштелердин бар экенин билебиз.

Периштелер көзгө көрүнбөгөн, нурдан жаратылган, аң-сезимдүү жандыктар. Раббибиз аларга берген ар кандай милдеттерди аткарышат. Бирок алардын көрүнбөгөнү алар жок дегенди билдирбейт. Анткени көзүбүз менен көрбөгөн көп нерсенин бар экенин эч шексиз кабыл алабыз. Мисалы, кээ бир микроорганизмдер бар, аларды микроскоп менен гана көрүүгө болот. Кээ бир планеталар жана жылдыздар бар, аларды дагы телескоп менен гана көрүүгө болот. Биз алардын бар экенин көрбөсөк да, ал тармактын адистери болгон илимпоздорго ишенип, алар айтканды кабыл алабыз. Мына ошол сыяктуу эле, Раббибиздин ишенимдүү элчилери болгон бардык пайгамбарлар дагы руханий дүйнөнүн адистери болгондуктан: “Периштелер бар экени чын, биз алар менен жолугуштук”, - деп айтып жатышат. Биздин ишенимибизге далил болуп жатышат.




Периштелерди көзүбүз менен көрө албаганыбыз алардын бар экенине шек санообузду талап кылбайт. Анткени көптөгөн нерселер бар, аларды көрбөсөк да, алардын бар экенине эч шек жок. Маселен, уюлдук телефондорубуздагы электромагниттик толкундарды көзүбүз менен көрбөйбүз, бирок алардын бар экенин ойлонбой туруп кабыл алабыз. Абада радио толкундар, үн толкундары, телеберүү толкундары сыяктуу көптөгөн нерселер бар. Бирок биз аларды да көрбөйбүз. Алардын көрүнбөгөнү алардын жок экенин билдирбейт.


Кымбаттуу жаштар, периштелерди көрө албаганыбыз, бул дүйнөдөгү сыноо учурунда "алардын убактылуу бизге көрсөтүлбөй турганын", бул дүйнөдө биздин аларды көрүүгө ылайыктуу эмес экенибизди билдирет.

Эми китептерге болгон ишеним тууралуу бир аз айтып бергим келип турат. Аллах Таала бизге туура жолду көрсөтүү үчүн, бул дүйнөдө жана акыретте бактылуу кылган эрежелерди үйрөтүү үчүн пайгамбарларды жиберген. Пайгамбарлар, адамдар өз акылы менен жооп бере албай турган маселелер боюнча аларга түшүндүрмө берип





турган элчилер. Раббибиз элчилеринин айрымдарына китептер жана барактарды түшүргөн. Китеп жана барактар берилбеген пайгамбарлар болсо, өздөрүнөн мурдагы пайгамбарлардын китеби же барактарына таянуу менен өз милдетин так аткарышкан.



Пайгамбарлардын арасынан төртөөнө аяндар китеп же баракчалар түрүндө түшүрүлгөн. Алардын ичинен Муса пайгамбарга – Тоорат, Давут пайгамбарга – Забур, Иса пайгамбарга – Инжил жана Мухаммед Пайгамбарга (с.а.в.) – Куран. Биринчи үч китеп Аллах Таала түшүргөндөй түпнускада сакталып калган эмес, убакыт өткөн сайын адамдар тарабынан дүйнөлүк кызыкчылыктар үчүн өзгөртүлүп, бузулган. Бул китептер өз маанисин жоготкон. Биздин ыйык китебибиз Куран болсо, Пайгамбарыбызга (с.а.в.) түшүрүлгөн күндөн бүгүнкү күнгө чейин бир тамгасы да өзгөрүлбөстөн сакталып келе жатат. Раббибиз убада кылгандыктан, Куран бузулбастан кыяматка чейин өз маанисин сактайт.

## Адамзат пайгамбарларга муктаж

Кымбаттуу достор, пайгамбарлар – Аллах тарабынан адамдардын ичинен тандалып, элчилер катары жөнөтүлгөн жол баштоочулар, үлгү болчу инсандар. Пайгамбарлардын тарыхы биринчи адам менен башталат. Биринчи адам – Азирети Адам, алгачкы пайгамбар да болуп саналат. Адамдар өздөрү билбегендерин үйрөтүүчү мугалимге муктаж болгондой эле, ыйман, ибадат жана адеп-ахлак сыяктуу маселелерде билбегендерин үйрөтүүчү пайгамбарларга да муктаж.

Ааламдагы бардык нерсенин бир жаратылыш максаты бар. Анткени аалам түгөнгүс акылмандыкка ээ болгон Аллахтын чыгармачылыгынын жемиши. Пайгамбарлар - Аллахты жана Анын жараткан нерселерин адамдарга тааныткан, түшүндүргөн элчилер болуп саналат. Раббибиз адамдарды жана башка жандыктарды эмне үчүн жаратканын жана алардан эмнелерди каалаганын пайгамбарлар аркылуу бизге кабарлаган. Ошол эле Аллахтын элчилери өз жашоолору менен Аллах аларга билдирген ибадат, адеп-ахлак жана коомдук турмуш менен байланышкан маселелерде үлгү болушкан.

Биз ден-соолукта болуш үчүн жана физикалык ооруларыбызды айыктыруу үчүн дарыгерлерге муктажбыз. Дал ушундай эле, материалдык жана руханий кыйынчылыктарыбызды, жеке жана коомдук илдеттерибизди дарылаган руханий дарыгерлер болгон пайгамбарларга да муктажбыз.

Пайгамбарлар адамдын дүйнөдөгү максатын түшүндүрүшөт, Аллах тарабынан аларга билдирилген чындыктардыадамдаргаүйрөтүшөт.Адамдынбулдүйнөдөгү маанисин, жаралыш максатын биз пайгамбарлардан гана биле алабыз. Адам эмне кылыш керектигин, аны кантип жасаш керектигин, айрыкча бул нерселерди эмне үчүн жасашы керектигин адамзатка пайгамбарлар үйрөтөт.








Адам баласы бул айтылган нерселерди аткарса эмнеге ээ болорун, аткарбаса эмнени жоготорун да пайгамбарлар аркылуу гана биле алат.

Пайгамбарлар – Раббибиз тарабынан адамдардын арасынантандалганэлчилер.ЖаратканАллахпайгамбарлар менен вахий аркылуу сүйлөшөт. Аллах пайгамбарлардын элчи экенин далилдеши үчүн аларга мужизаларды (кереметтер) берген. Мужиза деген пайгамбарларга гана берилген жана башкалар кыла албаган таң калычтуу нерселер. Мисалы, Азирети Ибрахимди от күйгүзбөгөнү, Азирети Мусанын таягынын жыланга айлангандыгы, Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммеддин (с.а.в.) сөөмөйүнүн ишараты менен айдын экиге бөлүнүшү жана анын манжаларынан суунун агышы – аталган мужизаларынын айрымдары. Бул мужизаларды Аллахтын өзү жаратканын унутпашыбыз керек.




## Акырет жашоосу болот

Кымбаттуу достор! Акыретке ишенүү – бул кыямат башталгандан кийин боло турган түбөлүктүү дүйнөгө ишенүү дегенди билдирет.

Биздин дүйнөбүз сыноо аянтчасы. Адам бул дүйнөгө белгилүү бир милдетти аткаруу үчүн жөнөтүлгөн. Дүйнө жашоосу узун сапардын кыска бир аялдамасы. Адам сапарга чыккан жолоочу. Рухтар дүйнөсүнөн энелердин курсагына, балалыктан жаштыкка, жаштыктан карылыкка карай сапар алат. Андан соң карылыктан көргө, көр турмушунан тирилүү майданына, ал жактан түбөлүк бейишке сапар ала турган жолоочу. Бул сапарда дүйнө жашоосу абдан маанилүү. Биз түбөлүктүү жашообузду кандай өткөрө турганыбызды ушул дүйнөдөгү иш-аракеттерибиз менен аныктайбыз. Анткени дүйнө – акыреттин талаасы. Адам бул жерде эмнени эксе, акыретте ошону оруп алат. Биз дүйнөдөгү жашообуз үчүн кантип иштесек, түбөлүк жашоо болгон акырет жашообуз үчүн да ошондой иштешибиз керек. Мисалы, ар бир мамлекетте мыйзамдарды так аткаргандарга сыйлык, ал






эми мыйзам бузуучуларга жаза бербейби? Албетте берет. Бул мыйзамдын талабы. Мына ошондой эле, Раббибиз Ага ишенип, баш ийгендерди бейиши менен сыйлайт. Аллахка каршы чыгып, Пайгамбарыбызга (с.а.в.) баш ийбегендерге жана анын айтканын кабыл албагандарга болсо татыктуу жазасын берет.

## Адамдар тандоолорун өз эрки менен жасайт

Раббибиз адамзатты өлгөндөн кийин кайрадан денелери менен тирилтет. Бул Ага абдан жеңил иш. Аллах бардык нерсени жоктон бар кылып абдан оңой жараткан. Экинчи жаратуу биринчисине караганда жеңилирээк. Эгер биз биринчисин көрүп, аны кабыл алып, экинчи жаралууга кыйын десек, акылсыздык болор эле. Бул теманы мындай мисал менен жакшыраак түшүнсөк болот:

Мисалы, мектептин директору мектептин биринчи күнүндө миңдеген окуучуну оңой эле класстарга бөлүп, алардын мугалимдерин жана класстардагы орундарын белгилегенин көрүп эле жүрөбүз. Сабактын программасын тактап, жарыялайт, сабактар башталат. Андан соң коңгуроо чырылдайт. Окуучулар эс алуу үчүн мектептин бардык тарабын аралап кетишет. Эми бирөө директор биринчи тартипти оңой эле орноткондун көрүп туруп, "Мектеп директору эс алууга тарап кеткен окуучуларды бир коңгуроо үнү менен кайрадан чогулта албайт, көрбөсөм ишенбейм!" деп айта алабы? Албетте, айта албайт. Айтса, күлкүлүү абалга түшмөк, туурабы?

Ооба, директор мектептеги бардык тартипти жок жерден иштеп чыгып, ыраатка салып, аны бир калыпта алып кетип жатат. Муну оңой аткарган директор үчүн, буга чейин тартипке көнүп калган, орду белгилүү жана бири-бирин тааныган окуучуларды бир коңгуроо үнү менен кайрадан чогултуу алда канча жеңил болот.



Далушундай эле, кыямат күнү болгондон кийин адамзатты экинчи жолу тирилтүү биринчисине караганда жеңилирээк болот. Жогорудагы мисалдагыдай эле, Раббибиз адамзатты жоктон бар кылып жараткан. Дүйнөдөгү жашообуз учурунда денебиздеги клеткалар жана органдар бири-бири менен таанышып, биргеликте иштеп келишкен. Өлгөндөн кийин клеткалар эс алуу үчүн тарайт. Раббибиз кыямат күнү ар кайсы жакка тараган мектептин окуучуларына окшош дене клеткаларыбызды Азирети Исрафилдин (а.с.) сурнайынын үнү менен чогултат. Бул Аллах үчүн эч кандай кыйынчылык туудурбайт. Бардык клеткалар дүйнөдө кызмат кылган денелеринде кайрадан бириге т. Анан Аллах адамды дүйнөдө жасаган бардык амалдарынан суракка алат.

Ооба, акыл менен ойлонгондо, бир нерсенин экинчи жолу жасалышы биринчисине караганда жеңилирээк. Адамзат тарыхында учак, телевизор жана компьютер сыяктуу ойлоп табууларды алгач жасоо кыйын болгон. Андан кийин бул шаймандардын бөлүнгөн бөлүктөрүн кайра чогултуп, бириктирүү абдан жеңил болуп калды. Адамды биринчи жолу жараткан Аллах, экинчи жолу жаратууга алсыз эмес.





## Адамдар тандоолорун өз эрки менен жасайт

Кымбаттуу жаштар, Раббибиздин илими түгөнгүс. Аллах бардыгын кемчиликсиз билет. Бул убакытка же мейкиндикке байланыштуу эмес. Тагдыр – Аллахтын түбөлүктүү илими менен өткөндө эмне болгонун, учурда эмне болуп жатканын жана келечекте эмне болорун билиши дегенди билдирет.

Адамдын башына келген нерселерге эки эрк таасир этет. Биринчиси – бул Аллахтын эрки. Аллах ушул эрки менен жарата турган кулунун өзгөчөлүктөрүн, боюн, өңүн, жынысын, кайсы жерде төрөлөрүн, кайсы улуттан болорун жана кайсы ата-эненин баласы болорун адилеттүү түрдө белгилейт. Адам мындай нерселерден жооптуу эмес.

Экинчи эрк болсо, адамдын өзүнө калган эркиндиги, башкача айтканда, тандоо мүмкүнчүлүгү. Инсан бул эрки менен жакшылык менен жамандыктын, жакшы иштер менен жаман иштердин ортосунда өз алдынча тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Адам бул тандоодо толук эркин. Тагдырдан көз каранды болбойт. Эгерде адам тагдырынан көз каранды болгондо, ал жасаган жакшылыктары үчүн макталмак эмес жана сыйланмак эмес, ошондой эле жаман иштеринен улам жазаландырылмак эмес.

Ооба, Аллах баарыбызга эрк берди. Биз муну абийирибиз менен, адамгерчилигибиз менен туюп, билебиз. Адам өз эрки менен бардык аракеттерин жүзөгө ашырат. Раббибиз адамдын эрки менен бүткүл жашоосунда жасай турган тандоолорун өзүнүн чексиз илими менен билгендиктен, тагдырына жазган. Биз эркибизди кандай колдонорубуз Аллах үчүн белгилүү болгондуктан, тагдырыбыз да алдын ала ошол тандоолорубузга ылайык жазылган. Башкача айтканда, адам тагдырында жазылган нерселерди мажбур түрдө жашабайт. Биз өз эркибиз менен сабак окуйбуз же окубай, оюн ойноп кетебиз. Оюнга алаксып сабак окубай, начар баа алган окуучу “Менин тагдырым ушундай экен, менин эмне күнөөм бар?” деп айтууга укугу жок.



Адамдар өздөрүнүн тандоолорунун жыйынтыгы үчүн жооп беришет. Мисалы, бир адам базардан жемиш сатып алганда, акылын жана эркин колдонуусу менен жемиштерди карап чыгат. Чириген, эзилген жемиштерди албайт. Каалаганын тандайт. Бул тандоо тандоодо эркин экенибиздин далили болуп саналат. Болбосо, чириген, эзилген жемиштерди башаламан салып алып, "Кандай кылайын, тагдырым ушундай экен" десе, ага ким ишенет?"

Жусуп агай сөзүн аяктады. Сөздөрүн "Мени кунт коюп укканыңар үчүн рахмат" деп жыйынтыктады. Кол чабуулардын коштоосунда өз ордуна барып отурду. Айрыкча окуучулары агайына көпкө кол чаап турушту.

Бул конференция чынында эле абдан пайдалуу болду. Программа да соңуна жакындап калган эле. Алып баруучу ушундай сонун программаны уюштурганы үчүн университет жетекчилигине жана угуучуларга кызыктуу баяндарды айтып берген окутуучуларга ыраазычылык билдирди.





## Бардык нерсенин максаты бар болсо, адам кантип максатсыз болсун?

Жыйынтык сөздү айтуу үчүн Стамбул Ислам жана илим университетинин ректорунун орун басарын сахнага чакырды. Бардык окуучулар ректордун орун басарын кол чаап тосуп алышты. Ректордун орун басары толкунданган үн менен:

"Чоң рахмат силерге, сүйүктүү биздин окуучуларыбыз. Мына, эртеден бери ардактуу окутуучуларыбыздан абдан пайдалуу баяндамаларды уктук. Баарыңар программаны кызыгуу менен көрдүңөр. Баарыңарга терең ыраазычылыгымды билдирем. Бул жерде чыныгы кол чабууга татыктуу силерсиңер. Силер – биздин элдин үмүт нурусуңар. Мен бул жердеги бардык адамдарды силерди, жаштарды, заманыбыздын келечегин кол чаап куттуктоого чакырам", - деди. Зал узак убакыт кол чабууларга бөлөндү. Кол чабуулар басылгандан кийин ректордун орун басары сөзүн улады:

"Кымбаттуу жаштар, силер адамзаттын үмүтү болгон Ислам динибизди туура түшүнүп, өз жашооңорго киргизген сайын дүйнө мындан да жакшырат, өсөт, өнүгөт. Раббисин тааныган, дүйнөгө эмнеге келгенин билген ыймандуу адам – адамзат үчүн чоң мүмкүнчүлүк. Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) таалим-тарбия алган сахабаларды ойлоп көргүлө. Алар ыйман келтиргенге чейин наадан, караңгы болушкан, зулумдук жана жаман иштердин ичинде болушкан. Ыйманга келгенден кийин кыска убакыттын ичинде эң өнүккөн элдерге маданият жаатында үлгү болуп, сабак берип, мугалим болуп калышты. Мурун кыздарын тирүүлөй көмүп, ырайымсыздыктын жеткен чегинде болушса, Исламды кабыл алып, ыйманга келишкенден кийин кумурсканы да капа кылбаган даражага келип калышты. Аларды мындай бийик даражага чыгарган – Пайгамбарыбыз (с.а.в.) алып келген ыймандын нуру эле.

Өзүңөр билгениңердей, бардык жандыктардын жаралыш максаты бар. Атомдордон галактикага чейин ар







бир нерсе бир максат менен жаратылган ааламда кантип адам максатсыз эле жаралып калсын? Тоок, кой, эчки, жибек курту сыяктуу жандыктар да белгилүү бир максатта жаратылган. Адам алар берген азыктардан, ырыскылардан пайдаланып жатып, өзү эч кандай максатсыз болушу мүмкүнбү?

Эч кандай колу жок кичинекей курттун тыт дарагынын жалбырагынан токуп берген жибекти колдонуп жаткан адамзат, бул ырыскыны берген Аллахты таанып, Аны сүйүшү керек. Жандуу жана жансыз бардык нерселер өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди кемчиликсиз аткарышат. Адам да Аллах тарабынан берилген милдеттерин жана жоопкерчиликтерин аткарышы керек.

Баарыбыз бул дүйнөгө толук камсыздалып жөнөтүлөбүз. Башка жаныбарлардан артык болгон акыл, аң-сезим, ой жүгүртүү, кызыгуу, таң калуу, сүйүү сыяктуу жогорку деңгээлдеги өзгөчөлүктөр менен төрөлөбүз. Мындай улуу жөндөмдөр менен камсыздалганыбыз бизди жаныбарлардан айырмалап турат. Ошондой эле, биздин бул дүйнөгө чоң максат менен жиберилгенибиздин ачык далили болуп саналат.

Ооба, сүйүктүү жаштар, улуу Аллах, Курандын биринчи келген аятында “Жаратуучу Раббиңдин аты менен оку!”[1] деп, окуганда да жөн эле окуй бербеш керектигин айткан. Биз эмне окусак да, эмне тууралуу окусак да Жаратуучу Раббибизди унутпастан, Аны эстеп, Анын аты менен окушубуз керек.

Бул жагынан алганда, аалам окууга эң татыктуу китеп сыяктуу. Ар бир илим бизге Аллахтын ааламда жараткан санаттарын, кереметтерин көрсөтөт. Ошондуктан биз кайсы бир коздукка, көркөм сулуулукка, көрүнүшкө же кубулушка көңүл бурганда, аны жараткан Аллахты унутпашыбыз керек. Жаратылган нерселер аркылуу аны жараткан Раббибизди ыйман менен таанып-билишибиз

1 Алак сүрөсү, 1-аят

керек. Ар бир жаратылган нерседен Раббибиздин бардыгын, бирдигин, ырайымын, адилеттүүлүгүн, жоомарттыгын, бардык ысымдарын жана сыпаттарын көрүүгө аракет кылышыбыз керек.

Сөзүмдү сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) дубасы менен аяктагым келет: "Оо, Раббибиз, бизге ыйманды сүйдүр жана ошол сүйгөн ыйман менен жүрөгүбүздү кооздоп, сулуула. Бизге каапырлыкты, күнөөлөрдү жана баш ийбөөчүлүктү жийиркеничтүү кылып көрсөт. Бизди туура жолду тапкан жана Сен ыраазы болгон кулдарыңдын жолуна багытта!"

Залда отурган бардык окуучулар бул мааниси сонун жана маңыздуу дубага "Амин, амин, амин!" деп кошулушту. Бул жыйынтык сөз менен залдагы атмосфера жандана түштү. Отургандардын арасынан айрымдары: "Ырас эле келген экенбиз!" дешип, айрымдары сүйлөгөндөрдү жана сүйлөөчүлөрдү баалап, дагы бирөөлөрү: "Мен да ушул университетте окугум келет" деп тамашалап, залдан чыгып жатышты. Программа аяктап, жасалган баяндамалар окуучулардын акылында жана жүрөгүндө жылуу сезимдерди ойготуп, кайталангыс элестерди калтырды.

## Ишеним биздин эң чоң таянычыбыз, тирегибиз...

Дүйшөмбү күнү алар кайрадан Жусуп агайдын сабагына катышты. Конференциядан кийин окуучулар Аллахка ыйман келтирүүнүн, ишенүүнүн маанилүүлүгүн жакшыраак түшүнүп калышкан эле.

Жусуп агай:

- Урматтуу достор, дем алыш күнү барган конференцияда баяндамаларды баарыңар абдан кунт коюп угуп отурганыңарды, маанилүү деп эсептеген маалыматтарды жазып алып жатканыңарды көрдүм. Баарыңарга рахмат.







Кудайга шүгүр, жакшы жыйынтык берген жыйын болду, - деди жайдары.

- Агай, сизге чындап рахмат айтабыз. Бизди чакырганыңызга кубанычтабыз. Бул программага келбей калсам, мен аябай капа болмокмун, - деп Айша толкундана ордунан турду.

Башка окуучулар да: "Ооба, агай, сизге чоң рахмат!" – деп коштоп кетишти.

- Балдар, эсиңерде эң көп эмне калды? – деп сурады агай.

Саид колун көтөрүп:

- Агай, мен биринчи жолу университетке кирдим жана абдан чоң залда университеттин профессорлорунун сонун конференциясын көрдүм. Бул мен үчүн чоң тажрыйба болду, - деди кубанганын жашырбай.

- Агай, конференциядагы темалар мага да жакты. Бул чынында эле сонун болду, - деди Ибрахим.

- Алихан, сенчи?

- Агай, конференция мен үчүн дагы эстен кеткис болду, бирок автобуста жеген түрк таттууларын дагы унута албайм. Бизди дайыма ушундай илимий жыйындарга алып

барып турсаңыз кандай жакшы болот эле, - дегенде баары күлүп калышты.

Жусуп агай жылмайып:

- Балдар, программа абдан пайдалуу болду. Бул ар бирибизде бир башкача сезимдерди пайда кылды. Ыймандын баалуулугун жана маанилүүлүгүн дагы бир жолу түшүндүк. Ооба, ыйман ушунчалык таасирдүү бир чындык болгондуктан, адамдар ыймандын арты менен бүт нерсенин ээси болгон Аллахты таанып, ааламда эч нерсе кокустан боло албасын түшүнүшөт. Жаратылган бүт нерсе Раббибиздин жаратуу чеберчилигинин керемети экенин түшүнөт. Бүт жандыктар Аллахтын макулуктары экенин билет. Ошентип, ыймандуу адам Аллахтын бар экенине толук ишенет. Адамды ар дайым көрүп турган жана ага ырайым кылган Жаратуучусу бар экендигинен улам



көңүлү жай болот. Башка жандуу жана жансыз заттардын баарынын өз максаттары жана милдеттери бар экенин билгендиктен, аларга зыян келтиргиси келбейт. Ыйман аны жакшы жана пайдалуу иштерге үндөйт.

Ошол учурда Асан колун көтөрүп:

- Агай, мен чоң энеме программаны айтып бердим. Ага абдан жакты. Чоң энем бизге ыймандын адамдарга берген күчүн айтып берди. "Ишенимдүү адам күчтүү жана кайраттуу болот. Биз Малазгиртти, Чанаккаленин





салгылашуусун, Кутулуу согушун ыйман күчү менен жеңдик", - деп айтты.

- Чоң энең абдан туура айткан, Асан, - деди Жусуп агай. - Ишеним биздин эң чоң таянычыбыз, тирегибиз. Ыйманы күчтүү адам жашоосунда башына кандай гана иш түшпөсүн, Аллахтын кудуретине гана таянат жана ыйман берген күч менен ар бир кыйынчылыкты жеңип чыгат. Жараткан Аллахтын чексиз кудуретине ыйман менен байланган адамга кыйынчылыктар эмне кыла алат? Ыйманы күчтүү мусулман кыйынчылыкка багынбайт, сабыр кылат. Ыйманы ага бардык нерсенин оң жагын көрсөткөндүктөн, пессимист болуп кетпейт, үмүтүн үзбөйт, депрессияга кабылбайт. Дүйнөнүн жана андагы болуп жаткан окуялардын ээси бар экенин жакшы билет. Кайда жана кандай абалда болбосун, Аллах аны эч качан жалгыз калтырбайт деген ишеним менен иш жасайт. Бир максатка жетүү үчүн же бир көйгөйдөн кутулуу үчүн колунан келген аракетин жасап, калганын Аллака гана тапшырат.


Балдар, ыйман менен кайраттуулуктун ортосунда түз байланыш бар. Башкача айтканда, ыйман күчөгөн сайын кайраттуулук да өсөт. Тарыхта ыйман күчү менен аз сандагы топтор сан жагынан бир топ артыкчылык кылган топтордун үстүнөн жеңишке жеткен учурлар көп болгон. Ыйман адамга "Биз жалгыз эмеспиз, Аллах биз менен, чечим жолдорун издөөнү токтотпо!" деген көз караш берет. Ыймандуу адам дарактын жалбырагы да Аллахтын уруксатысыз түшпөй турганын билгендиктен акылы, жүрөгү, жаны, сезимдери тынч болот. Жашоодон толук ырахат алат.

- Агай, ыйман адамга дуба кылуу мүмкүнчүлүгүн да бербейби?- деп сурады.

Жусуп агай башын ийкеп:

- Туура, дуба кылуу чоң мүмкүнчүлүк. Бул нерсени да бизге берген ыйманыбыз болуп саналат. Ыйманыбыз

биздин эң бекем баш калкалоочу жайыбыз. Биз Аллахтын чексиз ырайымына болгон ишенимибиз менен баш калкалайбыз. Бардык нерселер Аллахтын буйругу менен ишке ашарын билген мусулман, эң биринчи Андан жардам сурайт. Раббисине дуба кылат. Ыйманы менен жан дүйнөсүнөн чыккан эң купуя каалоолорду да бирөө угуп турганын түшүнөт. Аллах баарына кудуреттүү болгондуктан, дубасына жооп берет.







Ыймандуу адам үчүн Аллахтын бүтпөгөн, түгөнбөгөн ырайым казынасы ага ишеним жана тынчтык берет. Ыйманга ээ болгон адам кайсы убак болбосун, кайсы жер болбосун, кандай каалоосу болбосун Раббисине дуба кыла алат. Аллахтын жардамчысы же шериги жок болгондуктан, эч кандай тоскоолдуксуз, бардык каалоолорун түздөн-түз Раббисинен сурай алат. Аллахтын чексиз күчүнө таянып, анын чексиз ырайымына баш калкалай алат.

Сүйлөнүп жаткан сөздөрдү дыккаттык менен угуп отурган Айша:

- Агай, лекциядан кийин ыйманымдын артканын сездим жана “ыйманымды кантип күчөтө алам?” деген суроо оюма келди, - деди.

- Ооба, мындай суроо беришиңди күтүп жаткам, - деди Жусуп агай жылмая.

Ошол учурда коңгуроо кагылды. Жусуп агай жылмайган абалынан жазбастан:

- Макул анда, насип экен, бул суроонун жообун кийинки сабакта сүйлөшөбүз. Силер да “Ыйманыбызды кантип күчөтөбүз?” деген теманын үстүндө ойлонгула, изилдегиле. Анан чогуу талкуулайбыз. Күнүңөр көңүлдүү улансын, саламатта болгула”, - деди.

## Ишенимди кантип бекемдесем болот?

Шаршемби күнү эле. Жусуп агай ар дайымкыдай эле класска салам берип, окуучулардын ал-абалын сурады.

- Кана балдар, өткөн сабакта сүйлөшкөнүбүздөй, ыйманыбызды кантип бекемдесек болот деген суроону талкуулайлы.

- Мен бул теманы атамдан сурадым, - деди Насип. - Атам: “Спортчулар булчуңдарын өстүрүү үчүн машыгышат, аракет кылышат, күч жумшашат. Ошол сыяктуу эле биз, мусулмандар, биринчи кезекте ыйманыбызды бекемдөөнүн маанисин түшүнүп, аракет кылышыбыз

керек. Адам ишенимге байланыштуу китептерди канчалык көп окуса, окугандарынын үстүндө ой жүгүртүп, башкалар менен бөлүшсө, пикир алышса, ыйман ошончолук күчөйт. Адам айланасындагы чеберчилик менен аткарылып жаткан бардык иштерге керемет иш катары караса, алардын жаратуучусун байкайт. Ошондой эле Аллахты таанып-билгиси келет. Аллахты тааныган сайын сүйүп, сүйгөн сайын дагы да таанууга умтулат. Ар бир ой жүгүртүү адамдын Аллахка болгон ыйманын бекемдейт", - деп айтып берди.

Ибрахим:

- Мен болсо Өмүр агайдан сурадым. Ал ибадат кылуу, Аллахка жакшы кул болуу ыйманыбызды бекемдейт деп айтты, - деди.

- Туура айткан экен, Өмүр агайдын айтканындай эле, ыйманды бекемдеген дагы бир маанилүү жол – ибадат кылуу. Ибадат кылган, кулдук милдеттерин толук аткарган адам бүткүл аалам Аллахтын мүлкү экенин түшүнөт. Өзүнүн көзөмөлсүз, кароосуз калбаганын аңдайт. Ар күнү үзгүлтүксүз окуган намазы жана башка ибадаттары аркылуу жараткан Аллахтын улуулугу жана мээрими жүрөгүнө сиңет.

Балдар, дагы бир маанилүү нерсе: ибадат кылган адам бардык жандыктардын да ибадат кылып жатканын байкоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Анткени, бул дүйнөдө ар бир макулуктун жаралуу максаты бар. Мисалы, уйлар сүт берүү, аарылар бал жасоо үчүн жаратылган. Бардык жандыктардан жогорку артыкчылыкка ээ болуу менен жаратылган адамдын дагы жаралуу максаты сөзсүз болушу керек. Бул - бардык нерсенин жаратуучусу болгон Аллахка ыйман келтирүү жана Ага гана ибадат кылуу. Тилекке каршы, ибадат кылбаган адам башка жандыктардын Аллахка болгон ибадаттарын көрбөйт же көрө албайт. Ибадаттарыбыз, намаздарыбыз, Аллахтын бар экенин жана бир экенин аңдоого чоң салым кошот.






Сүйүктүү окуучулар, ибадаттар ыйманыбыздын жүрөгүбүзгө орноп, бекемделишине чоң өбөлгө түзөт. Ибрахим, мисалы, сенин колуңда жаңы көчөт болсо, аны жерге тиксең, бирок сугарбасаң, ал көчөт өсөбү?

Ибрахим:

- Жок, агай, ал эч кандай өсүп кетпейт. Кургап калат, - деп жооп берди.

- Туура айтасың, ибадат кылынбай турган болсо, ыйманыбыз да алсырай баштайт. Балким, жок болуп кетпейт, бирок начарлап, алсырайт. Ошондуктан ибадат кылуу абдан маанилүү. Ишенимибизди жүрөгүбүзгө бекем орнотуп, тамыр алуусун камсыз кылган эң маанилүү нерселердин бири — биздин кулдук милдетибиз, намазыбыз жана дубаларыбыз.



Кымбаттуу достор! Адам ибадаты, айрыкча намазы аркылуу күнүнө беш жолу Раббиси менен байланышка чыгып, Ага болгон муктаждыгын сезет. Бардык муктаждыктарын бир гана Аллахтан сурайт. Аллахка болгон муктаждыгын түшүнүп, ибадат аркылуу Анын чексиз күчүнө таянат. Мындай адам ибадаттын арты менен өзүнүн кемчилигин, күнөөсүн билип, Аллахка чын дилден кул болот. Эгерде ибадаттарыбыз токтоп калса, Раббибиз менен болгон байланыш үзүлсө, Аллах сактасын, биз өзүмчүл, заалым болуп кетебиз.

Андан кийин Жусуп агай жалпы класска кайрылып, ыйманды бекемдөө жолдору тууралуу дагы өз оюн айта тургандар барбы деп сурады.

Ошондо Саид колун көтөрүп:

- Агай, мен бир китептен окугам. Анда сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жашоосунан баштап бардык пайгамбарлардын жана сахабалардын жашоолорун изилдөө жана алардын кыйынчылыктарга кантип туруштук бергенин билүү ишенимибизди бекемдейт деп жазылган эле, - деди.




Жусуп агай:

- Сонун... Ооба, адамдар бул дүйнөгө жогорку бир максат үчүн жөнөтүлгөн. Адамдарга эң биринчи жол көрсөткүч болгондор – пайгамбарлар. Бизден мурда жашап өткөн, Аллах берген милдеттерди толук аткарган бардык пайгамбарлардын жана Аллах досторунун жашоосу бизди





рухий жактан күчтөндүрөт. Айрыкча, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) үлгүлүү жашоосу биз үчүн эң сонун жол көрсөткүч болуп эсептелет.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.), Раббибиздин ыраазычылыгына ээ болушубуз үчүн эмнелерди аткарышыбыз керектигин бизге үйрөткөн. Ошондой эле, ал иштерди кантип аткарышыбыз керектигин өзүнүн жашоосу менен үлгү кылып көрсөткөн. Айрыкча, жасабашыбыз керек болгон нерселерди эмне үчүн жасабашыбыз керектигин ачык түшүндүрүп берген. Мындан тышкары, Аллах талап кылган нерселерди аткаруу менен эмнелерге ээ болорубузду, аткарбасак эмнелерди жоготорубузду бизге үйрөтүп кеткен.

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) эң алгачкы шакирттери болгон сахабалар ыйман сабагын андан эң мыкты үйрөнүшкөн. Алар "Ыйман деген эмне? Аллахты сүйүү кандай болот? Чыныгы адам болуу деген эмне? Аллахтын жараткандарынын үстүнөн ой-жүгүртүү кандай болот? Раббибиздин берген жакшылыктарына кандайча шүгүр кылышыбыз керек? Аллахка чын жүрөктөн кулчулук кылуу кантип аткарылат?" деген сыяктуу суроолордун жоопторун Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) алышкан.

- Бул тууралуу башка ой-пикир айтчу барбы? – деп сурады Жусуп агай.

- Агай, бир суроо берсем болобу? – деди Райхан кол көтөрүп.

- Албетте, Райхан!

- Ыймандын бекемделишине коомдук чөйрөнүн жакшы болушу да таасир береби?

- Ооба, Райхан. Жакшы суроо болду. Адамга жакшы чөйрө жана жакшы достор абдан маанилүү. Адамдын чөйрөсү, достору жакшы болсо, аны дайыма жакшы иштерге, жакшылык кылууга шыктандырган болсо, ал адам пайдалуу нерселерди жасоого жакын болот. Биз тандаган досторубуз

бизди Аллах менен Пайгамбарыбызга (с.а.в.) жакындаткан достор болушу керек. Адам баласы ыймандын алгачкы сабагын үй-бүлөсүнөн, туугандарынан, кошуналарынан алат. Анын апасы, атасы ага руханий багытта биринчи мугалим болот. Ыйманды, Исламды жашоо аркылуу балдарына үйрөтүшөт. Туугандар, кошуналар бейишке биргеликте багыт алуу үчүн бири-бирине жардамчы болушат. Ошондуктан адам ар дайым социалдык чөйрөсүн кылдат изилдеп, иликтеп, анан тандашы керек. Бүгүн коомго зыян келтирген жаман адаттардын, жаман жүрүм-турумдардын калыптанышында жаман чөйрө жана жаман достордун таасири чоң роль ойнойт.

Кымбаттуу жаштар, ыйманыбыз бизди бейишке алып бара турган эң маанилүү дөөлөтүбүз, биз аны эч качан жоготпоого тийишпиз. Демек, ыйманыбызга жана ишенимибизге зыян алып келе турган жаман чөйрөдөн, жаман достордон жыландан качкандай качышыбыз керек. Биз жүрүм-турумубузду, ойлорубузду, кылган иштерибизди жакшы жакка багыттай турган, бизди жакшы ойлорго, иштерге шыктандыра турган пайдалуу коомдук чөйрө жана досторду издешибиз керек.

Ошентип кайрадан коңгуроо үнү менен сабак аяктады. Жусуп агай жагымдуу үнү менен: “Балдар, азыр танаписке чыгып эс алып келгиле. Кийинки сабакта жолугушабыз. Саламатта болгула”, – деп жылмая класстан чыгып кетти.

СОҢУ...